**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АГАРТУУ МИНИСТРЛИГИ**
**КЫРГЫЗ БИЛИМ БЕРҮҮ АКАДЕМИЯСЫ**

# «КЫРГЫЗ ТИЛИ»

# ОКУУ ПРОГРАММАСЫ

окутуу орус, тажик, өзбек тилдеринде жүргүзүлгөн
жалпы билим берүү уюмдарынын 7- 9-класстары үчүн

**Бишкек – 2025**

**Иштеп чыккандар:**


| | |
|---|---|
| **Батыркулова А. Б.** | Кыргыз билим берүү академиясынын филологиялык билим берүү лабораториясынын башчысы, п.и.к. |
| **Рысбаев С. К.** | Кыргыз билим берүү академиясынын башкы илимий кызматкери, п.и.д., профессор |
| **Оморова А. А.** | Республикалык педагогикалык кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу жана кайра даярдоо институту, ага окутуучу. |
| **Эсеналиева К. Э.** | Республикалык педагогикалык кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу жана кайра даярдоо институту (РПККЖжКДИ).КРнын Эмгек сиңирген мугалими, п.и.к., профессор. |
| **Дюшеева Г.** | “Тил клаб” тил үйрөтүү курсунун негиздөөчүсү жана жетекчиси |


**Рецензенттер:**

| | |
|---|---|
| **Топоева-Ставинская Б. Б.** | Кыргыз Республикасынын билим берүүсүнө эмгек сиңирген кызматкер, "Кыргызтест" системасынын түптөөчүсү, "Кыргызтест" мамлекеттик мекемесинин директору |
| **Момункулова З.К.** | Бишкек шаарындагы № 13 окуу-тарбия комплекс-гимназиясынын кыргыз тили жана адабияты мугалими |

Окутуу орус, өзбек, тажик тилдеринде жүргүзүлгөн мектептердин 7-12-класстары үчүн “Кыргыз тили” боюнча окуу программасы “Кыргыз тили” предметтик стандартына (2025) негизделип иштелип чыккан.

Аталган окуу программасы Кыргыз Республикасынын мектептеринде кыргыз тилин экинчи тил катары үйрөтүүнүн усулу боюнча негизги стратегиясын, приоритеттүү багыттарын аныктайт, билим берүү, тарбиялоо жана өнүктүрүү маселелерин чечүүгө багытталат. Кыргыз тилин экинчи тил катары үйрөтүүнүн усулу боюнча “Кыргыз тили” предметинин календардлык-тематикалык планынын, окуу китептерин жана окуу-методикалык комплексин, дидактикалык материалдарды, иштеп чыгуу үчүн негиз болуп саналат.

## МАЗМУНУ

### ТҮШҮНДҮРМӨ КАТ

**§1.** Предметтин актуалдуулугу........................................................................4
**§2.** Предметтин максаттары жана милдеттери...…………………….….................4
**§3.** Предметтик компетентүүлүктөр ....................................................................6
**§4.** Предметтин базистик окуу планындагы орду жана мааниси………...............7

### II. ПРЕДМЕТТИН МАЗМУНУ

**§1.** Тематикалык бөлүмдөр ....................................................................................8
**§2.** Күтүлүүчү натыйжалар...................................................................................22

### III. КЫРГЫЗ ТИЛИН ЭКИНЧИ ТИЛ КАТАРЫ ОКУТУУНУН ПРИНЦИПТЕРИ, МЕТОДДОРУ ЖАНА ФОРМАЛАРЫ

**§1.** Кыргыз тилин экинчи тил катары окутууда жетекчиликке алынуучу дидактикалык жана методикалык принциптер....................................................25
**§2.** Кыргыз тили сабактарынын типтери жана аны уюштуруу жолдору.......32
**§3.** Сабактардын типтери жана алардын структуралары.......................................33

### IV. БААЛОО

**§1.** Баалоонун критерийлери..................................................................................33
**§2.** Балоонун нормалары........................................................................................34

# I. ТҮШҮНДҮРМӨ КАТ

**§1. Предметтин актуалдуулугу.** Кыргыз тилин экинчи тил катары окутуу — өлкөнүн тил саясатынын өзөгү болуп, мамлекеттик тилдин өнүгүшүнө жана коомдук биримдиктин чыңдалышына негиз салат. Айрыкча 7 - 9 – класстарда бул процессти тереңдетүү өзгөчө мааниге ээ. Себеби бул курактагы өспүрүмдөрдүн тилди аңдоо, логикалык ой жүгүртүү, жана коомдук пикирге активдүү аралашуу жөндөмдөрү калыптанат. Биринчи кезекте, кыргыз тилин экинчи тил катары окутуу — көп тилдүү чөйрөдө жашаган өспүрүмдөргө улуттук өзүн-өзү таанууга, маданий мурастар менен таанышууга жана кыргызча ойлонууга жол ачат. Мындай окутуу болочок жарандардын тилдик-коммуникативдик компетенттүүлүгүн калыптандырууга, мамлекеттик мекемелерде, коомдук жана маданий турмушта активдүү катышуусуна өбөлгө түзөт. Экинчи жагынан, жогорку класстарда кыргыз тилин үйрөтүүдө предметтер аралык интеграция, долбоордук ишмердик, сынчыл ой жүгүртүү сыяктуу заманбап окутуу ыкмалары колдонулганда, тил үйрөнүү процесси тереңдеп, практикалык мааниси артат. Окуучулар жазуу, сүйлөө, угуу жана түшүнүү көндүмдөрүн турмуштук реалдуу кырдаалдарда өздөштүрүүгө жетишишет. Кыргыз тилин экинчи тил катары окутуу — бул жөн гана тил үйрөтүү эмес, а жарандык, маданий жана социалдык интеграциянын негизи.

**§2. Предметтин максаттары жана милдеттери**

**7 – 9-класстарда экинчи тилди окутуунун максаты**

7–9-класстардын окуучуларын турмуш-тиричиликтин ар түрдүү чөйрөсүндө, кырдаалдарда, деңгээлдерге ылайык кеп ишмердүүлүгүнүн түрлөрүн (угуу, окуу, сүйлөө, жазуу) калыптандыруу аркылуу реалдуу баарлашуу процессине жакындаштырып окутуу, жарандык иденттүүлүктү калыптандыруу, этностор аралык биримдикке тарбиялоо.

Максатка жетүү үчүн төмөнкү **милдеттер** ишке ашырылат:

**Таанып-билүүчүлүк (сабактын билим берүүчүлүк максатында**: “окуучулар кайсы билимдерди, жаңы маалыматтарды өздөштүрөт?” деген суроолорго жооп берет) – окуучунун күнүмдүк жашоосундагы карым-катышта социалдык-маданий, окуу жана эмгек чөйрөлөрүнө жараша лексика менен грамматиканы функционалдуу колдонуп, экинчи тилде маалыматты түшүнүү аркылуу талдай жана синтездей алуу, чыгармачыл жана сын ой жүгүртүү билгиликтерин калыптандырат.

**Жүрүм-турумдук (сабактын өнүктүрүүчүлүк максатында:** «Кайсы компетенттүүлүктөр калыптанат?», “Өздөштүргөн билимдерин турмуштук кырдаалда, өз практикалык тажрыйбасында колдоно алабы?” - деген болжолдуу суроолорго жооп бериши керек**)** – кыргыз тилинде кыраатын келтирип туура сүйлөө адебин, жазуу этикетин, кеп маданиятын жана тексттерден көркөм-эстетикалык, адеп-ахлактык сабактарды, үлгүлөрдү аңдап кабыл алуусун, кеп ишмердүүлүгүнүн бардык түрлөрүн комплекстүү өнүктүрөт.

**Баалуулук (сабактын тарбия берүүчүлүк максатында:** «тексттеги маалыматтардан кандай тарбия алышат, үй-бүлөгө, коомго, мекенине келечекке кандай салым кошот?»; “оң, терс жактары жана эмне үчүн пайдалуу, пайдасыз, кооптуу, коопсуз?” деген болжолдуу суроолорго жооп бериши керек**)** – текстти окуп-түшүнүүдө Кыргызстан элинин руханий, адептик баалуулуктарын, маданий, тарыхый нарктуулукту урматтоону, улуу-кичүүнү сыйлоо этикасын тарбиялайт; ошондой эле тил аркылуу теңдик, дискриминацияланбоо жана социалдык инклюзия принциптерин калыптандырат.

Сабактын максаттарын окуучунун позициясында SMART критерийлерге ылайык, компетенттүүлүктөрдү калыптандыруучу күтүлүүчү натыйжалар катары жазуу сунушталат.

Кыргыз тилин экинчи тил катары окутуу төмөнкү мамилелерге негизделген:

**Компетенттүүлүк мамиле** – окуучулардын жашоонун ар кандай чөйрөлөрүндө ийгиликтүү аракеттенүүсүн камсыз кылуучу компетенттүүлүктөрдү калыптандырууга багытталган билим берүү процессинин концептуалдык негизи.

**Коммуникативдик мамиле** кыргыз тилинде реалдуу турмуштагы баарлашууга жакын (окуу жана турмуштук кырдаалдарда) баарлашуу көндүмүн калыптандырып, тилдик жана кептик көндүмдөрүн колдонууга өбөлгө түзөт.

**Дифференцияланган мамиле** окуучулардын кызыкчылыктарын жана жөндөмүн эске алат. Окуучуга репродуктивдүү, продуктивдүү жана креативдүү деңгээлде дифференцияланган тапшырмалар сунушталат.

**Социо-маданий мамиле** бул ар кандай маданияттардагы жүрүм-турум нормаларын түшүнүүгө, алардын өзгөчөлүктөрү жөнүндө жана өзүнүн маданий өзгөчөлүгүн билүүгө жардам берет.

**Грамматиканы окутууга функционалдык мамиле.** Грамматика функционалдуу окутуу сабактын жүрүшүндө 3 этап менен ишке ашырылат. Грамматикалык материал сабактын кептик темасына ылайык келген лексиканы колдонуу менен окутулат.

1) Тематикадагы эң зарыл функционалдык грамматиканын кептеги кызматын түшүндүрүү аркылуу окуучулардын *тилдик компетенттүүлүгү* калыптанат.

2) Окуу кырдаалдарында грамматикалык материалды колдонуп оозеки жана жазуу түрүндө пикирлешүүгө машыктыруучу көнүгүүлөр аркылуу окуучулардын *кептик компетенттүүлүгү* калыптандырылат.

3) Окуучуларга берилген грамматикалык түшүнүктү турмуштук кырдаалдарда өз алдынча жана биргелешип иштөөнүн ыкмаларын колдонуп, баарлашуу шартында окуучулардын *социомаданий компетенттүүлүгү* калыптандырылат.

**Лексикалык минимум жана системалуулук** – окуп үйрөнүү процессинин анык бир убакыт аралыгында окуучулар үйрөнүшү зарыл болгон лексикалык бирдиктердин саны. Лексикалык минимумдун активдүү жана пассивдүү сандык жана сапаттык курамы сабактын максатына, этабына, тилди үйрөнүүгө берилген окуу саатгарынын санына көз каранды. Лексикалык минимум – тема боюнча аныкталган негизги түшүнүк жана терминди түшүндүрүү үчүн кеңейтилген сөз, сөз айкаштары.

**Профилдик окутууга мамиле.**

Профилдик окутуу инсанга багытталган билим берүү процессин ишке ашырат. Ошол эле учурда, окуучунун жеке билим берүү траекториясын курууга мүмкүнчүлүктөрү кыйла кеңейет.

**Профилдик билим берүү**гө өтүү төмөнкү негизги максаттарды көздөйт:

1. Толук жалпы билим берүү программасынын айрым предметтерин тереңдетип үйрөнүүгө багытталат.
2. Мектеп окуучулары үчүн жеке билим берүү программаларын түзүү үчүн кеңири жана ийкемдүү мүмкүнчүлүктөр менен жогорку класстын окуучулары үчүн билим берүүнүн мазмунун олуттуу дифференциялоо үчүн шарттар түзүлөт.
3. Окуучулардын ар кандай категориялары үчүн алардын жөндөмдүүлүктөрүнө, жеке ыктарына жана муктаждыктарына ылайык толук кандуу билим алууга бирдей мүмкүнчүлүктөр түзүлөт.
4. Окуучулардын социализациясынын мүмкүнчүлүктөрү кеңейтилип, жалпы жана кесиптик билимдин ортосундагы уланмалуулук камсыз кылынат, мектеп бүтүрүүчүлөрүн жогорку

кесиптик билим берүү программаларын өздөштүрүүгө алда канча натыйжалуу даярдоо жүргүзүлөт.

Окуу программасы  кыргыз тилин экинчи тил катары деңгээлдер боюнча окутуу функционалдык-коммуникативдик мамиледе жүргүзүүнү көздөйт. Кыргыз Республикасында мамлекеттик тилди билүү деңгээлдери  Жалпы Европа стандарттарынын негизинде иштелип чыккан «Кыргызтест» системасынын деңгээлдик талаптары боюнча таризделет. «Кыргызтест» системасынын деңгээлдик талаптары окуучулардын өз ара баарлашуусу ийгиликтүү болуусу үчүн кандай лексикалык жана грамматикалык минимумдарды өздөштүрүп,  кандай көндүмдөргө ээ болуусу керек экендигин аныктайт.

**Таблица 1 – Тил билүү деңгээлдеринин сыпаттамасы**

| Тил билүүнүн мүнөзү | Деңгээлдердин сыпаттамасы |
|---|---|
| **А2 – Базалык орто деңгээл** | |
| **А2<br>Тилди активдүү колдоно билүү** | Күнүмдүк жашоо-тиричиликке керектүү сөздөрдү, сөз тизмектерин, айрым сүйлөмдөрдү (өзү, үй-бүлө мүчөлөрү, окуу иш-аракеттери, күндөлүк режим, социалдык-маданий чөйрөдө өзүн алып жүрүү, сатып алуу ж.б. кырдаалдарга жараша) тилдин жөнөкөй түрүн колдонуп, маалымат алмашып, маек куруп, сүйлөшө алам. |
| **В1  Ортоңку деңгээл** | |
| **В1<br>Тилди  өз алдынча колдоно билүү деңгээли** | Жумушта, окууда, бош убакыттарда ж. б. типтүү кездеше турган адабий тилдеги ар түрдүүтемаларда берилген так кабарлардын негизги идеяларын түшүнөм. Үйрөнүп жаткан тилди алып жүрүүчү өлкөдө болгон учурда кездешүүчү көпчүлүк кырдаалдарда пикир алыша алам. Белгилүү же мени өзгөчө кызыктырган темаларга билдирүүнү байланыштуу түзө алам. Таасирлерди, окуяларды, ишенимдерди, умтулууларымды айтып бере алам, өзүмдүн келечек пландарымды жана ойлорумду негиздеп жана баяндап бере алам. |
| **В1+ Ортоңку  деңгээл** | |
| **В1+<br>Тилди  өз алдынча колдоно билүү деңгээли** | Абстрактуу жана конкреттүү темалардагы татаал тексттердин, ошондой эле атайын бирбагыттагы тексттердин жалпы мазмунун түшүнөм. Тилди алып жүрүүчүлөр менен дайыма ар тараптан өзгөчө кыйынчылыктарсыз пикир алышып туруу үчүн тез жана даярдыксыз спонтандуу сүйлөйм. Түрдүү темаларга так, толук билдирүү жасай алам жана негизги проблемага карата өз көз карашымды билдире алам, ар түрдүү пикирлердин артыкчылыктарын жана кемчиликтерин көрсөтө алам. |

**Таблица 2 -  Класстарды тил билүү деңгээлдери боюнча бөлүштүрүү**

| Деңгээлдер | Тилдик чөйрө жок кырдаалда | Тилдик  чөйрө бар кырдаалда |
|---|---|---|
| А2.2.  Базалык | 7-класс | - |
| А2.3.  Базалык | 8-класс | 7-класс |
| В1.0. Ортоңку | 9-класс | 8-класс |
| В1.1. Ортоңку | 10-класс | 9-класс |

| | | |
|---|---|---|
| B1.2. Ортоңку | 11-класс | 10-класс |
| B1.3. Ортоңку | 12-класс | 11-класс |
| B2.0. Ортодон жогору | - | 12-класс |

A2, A2+ жана B1, B1+ деңгээлдерине жетишкен окуучулар кыргыз тилин экинчи тил катары өздөштүрүүдө негизги коммуникативдик иш-аракеттерди өз алдынча жүргүзүүгө жөндөмдүү болуп калышат. Бул деңгээлдер тилди турмуштук жана окуу-тажрыйбалык кырдаалдарда колдоно билүүнү камсыздап, жогорку класстарда тилдик жана маданий компетенцияларды мындан ары тереңдетүү үчүн негизги платформа болуп саналат

Мындай негизде калыптанган тилдик-коммуникативдик тажрыйба 10–12-класстарда окуучулардын кыргыз тилинде аналитикалык, рефлексиялык жана чыгармачыл ой жүгүртүүсүн өрчүтүүгө өбөлгө түзөт. Бул этапта тил үйрөтүү мазмуну окуучулардын сынчыл ойлом жөндөмдөрүн, дискурс деңгээлинде пикир айтуусун жана жогорку стилдик өздөштүрүүнү талап кылган багытта курулат. Ошондуктан 10–12-класстагы окутуу практикалык багытка ээ болуу менен катар, функционалдык сабаттуулукту жана тилди ар кыл коммуникативдик кырдаалдарда ишке ашырууну шарттайт.

## §3. ПРЕДМЕТТИК КОМПЕТЕНТТҮҮЛҮКТӨР

Окутуунун практикалык негизин компетенттүүлүк мамиле аныктайт, аны ишке ашыруу негизги жана предметтик компетенттүүлүктөрдү өз ара байланышта калыптандырууга багытталат.

Кыргыз тилин экинчи тил катары үйрөнүүдө окуучулар ээ болуучу төмөндөгүдөй предметтик компетенттүүлүктөр көрсөтүлгөн:

1. **Кептик компетенттүүлүктөр:**

Ар түрдүү чөйрөдө, кырдаалдарда кеп ишмердүүлүктүн (угуу, сүйлөө, окуу, жазуу) түрлөрүн тил билүүнүн тиешелүү деңгээлине ылайык өздөштүрүп, тексттин жанрына, кептин стилдерине, тексттин түрлөрүнө жараша кыргызча баарлаша билүү.

**2. Тилдик компетенттүүлүктөр:**

Кыргыз тилинин фонетикалык, грамматикалык өзгөчөлүктөрүн билүү, кыргыз адабий тилинин, жазуу эрежелеринин нормасында жазып жана сүйлөй билүү, кыргыз тилинин тилдик кору, сөздүк курамы жөнүндө минимумдарга, сүйлөө маданиятына ээ болуу, сөздүктөр менен иштей билүү жана иш кагаздарын кыргызча түзө алуу ж.б.

1. **Социомаданий компетенттүүлүктөр:**

Тил аркылуу улутту жана улуттук маданий баалуулуктарды, мамлекеттин географиясын, тарыхын таануу, адабий казынасын окуп-үйрөнүү, ал аркылуу элдик салт-санаа, улуттук майрамдарды үйрөнүү жана сыйлоого калыптандыруу.

Предметтик компетенттүүлүктөрдү калыптандыруу Кыргыз Республикасында жалпы билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандартында аныкталган үч деңгээлде каралат:

- Биринчи деңгээл (репродуктивдүү) окуучулардын үлгү (иш-аракетти аткаруунун сунушталган алгоритми) боюнча иштөө көндүмү менен сыпатталат;
- Экинчи деңгээл (продуктивдүү) курамы боюнча жөнөкөй ишмердүүлүктү аткаруу, өздөштүрүлгөн алгоритмди башка кырдаалда колдонуу жөндөмүн сыпаттайт;
- Үчүнчү деңгээл (креативдүү) татаал курамдуу ишмердүүлүктү өз алдынча конструкциялоо жана аны негиздөө элементтери менен ишке ашыруу болуп эсептелет.

**§4.** Базистик окуу планда Кыргыз тили предметтерине бөлүнгөн сааттардын көлөмү төмөндөгүдөй:

| **к\№** | **Класстар** | **Жумалык саат** | **Жылдык саат** |
|---|---|---|---|
| **1.** | 7 - класс | 2 саат | 68 саат |
| **2.** | 8 - класс | 2 саат | 68 саат |
| **3.** | 9 - класс | 2 саат | 68 саат |

# II. Предметтин мазмуну

## §1. Тематикалык бөлүштүрүү

| 7-класстын окуу материалдары | | | | |
|---|---|---|---|---|
| **Тема** | **Кептик интенция** | **Кеп ишмердүүлүктөрү** | **Грамматикалык материал** | **Кептик конструкциялар, терминдер, фразалар** |
| **1. Үй-бүлө.**<br>Үй-бүлө<br>Үй-бүлө мүчөлөрүнүн милдеттери<br>Үй жумуштары<br>Ата-энелер | **Байланыш түзүүчү:** Башкалардын үй-бүлөсү тууралуу сурайт. Өзүнүн үй-бүлөсүн тааныштырат. Үй-бүлө мүчөлөрүнүн милдеттери менен тааныштырат.<br>**Маалыматтык интенция**: Үйдө ким эмне жумуш кылары тууралуу маалымат айтат. Башкалардан үйдө эмне жумуш кылары тууралуу маалымат сурайт.<br>**Баалоочу**: Кайсы бир үй милдеттерин аткарууну жактырганын сезимдер аркылуу билдирет. Үй-бүлөсү тууралуу позитив менен баяндайт.<br>**Жөнгө салуучу:** Аталардын камкордугу тууралуу айтып берүүнү суранат. | **Угуу**: Угуу үчүн сунушталган диалогдун көлөмү 10-12 репликадан турат. Угуу үчүн тексттин көлөмү – 8 – 12 сүйлөм. Тексттеги тааныш эмес сөздөрдүн саны 2% чейин болушу мүмкүн. Текстти 2 жолу уктуруу керек. Тексттин мазмунун түшүнөт жана суроолорго жооп берет. **Окуу**: Окууга берилген тексттердин көлөмү – 10 – 15 сүйлөм. Көркөм, оозеки стилдеги тексттер. Формасы боюнча туташ, туташ эмес болушу мүмкүн.<br>**Жазуу**: Суроолорго жооп жазат. Сүйлөмдөрдү толуктайт. Эссе жазат. Жат жазуу жазат.<br>**Сүйлөө**: Үй-бүлө мүчөлөрүнүн милдеттери темасында диалог, монолог формасында оозеки текст түзөт. Тексттин көлөмү – 5 – 10 сүйлөм болушу мүмкүн. | Кызматчы сөздөрдүн мааниси.<br>Сүйлөмдө бөлүкчөлөрдү колдонуу.<br>Сүйлөмдө байламталарды колдонуу.<br>Сүйлөмдө модалдык сөздөрдү колдонуу. | Биздин үй-бүлөбүз аябай ынтымактуу. Менин эжем жана иним бар. Мен ата-энем менен сыймыктанам. Алар менин эң жакын адамдарым. Ар ким өз милдетин так аткарыш керек. Себеби ... . Биз апам, атам менен Сары-Челекке барган жатабыз. Эки күндөн кийин келебиз. Идиштерди жуугандан кийин, чаң сүртүшүм керек. Себеби ... Чаң сүрткөндөн кийин, үй жыйнашым керек. Себеби ... Андан кийин, тамак жасашым керек. Себеби ... Тамак жасагандан кийин, апам менен баарлашуум керек. Себеби ... . Үй жаныбарларына жана өсүмдүктөргө кам көрөм. |
| **2. Эс алуу. Саякат**<br>Мага саякаттоо жагат<br>Тарыхый эстеликтерди сакташ керекпи? | **Аңгемелешүүнү демилгелөө:** Диалог баштайт, суроо берет, билгендерин айтат. | **Угуу:** Сулайман-Тоо жана дүйнөдөгү кызыктуу жерлерге саякаттоо боюнча билдирүүлөрдү угат, уккан суроолоруна жооп берет. Укканы боюнча тапшырмаларды аткарышат. | Сүйлөмдүн баш мүчөлөрү. Ээ жана баяндооч.<br>Сүйлөмдүн ээси. | Бурана тууралуу көптөгөн уламыштар бар. Кыргызстандагы тарыхый жерлерди сакташ керек. Себеби ... Бурана мунарасынын бетине жазбаш керек. Себеби ... |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| Дүйнөдөгү кызыктуу жерлерге саякаттоо<br>Өткөн заманга саякаттоо<br>Саякатка чакыруу каты | **Маалымат суроочу:** Дүйнөдөгү кызыктуу жерлер тууралуу сурайт, билгендерин айтат.<br><br>**Окуялар тууралуу маалымат берүүчү:** Сүрөттөргө саякат жасап, өткөн заман тууралуу сүрөттөп айтып берет, жазып берет.<br><br>**Жөнгө салуучу:** Тарыхый жерлерди сактоого классташына кеңеш берет. | **Окуу:** Дүйнөдөгү кызыктуу жерлерге саякаттоо, эс алуу темасында илимий-популярдуу текст, оозеки диалог жана монолог формасындагы тексттерди окуп түшүнөт. Формасы боюнча туташ, туташ эмес.<br>**Сүйлөө**: Диалог, монолог формасында тексттерди түзөт, тарыхый жерлерге саякаттоо боюнча өз билгендерин, окугандарын сүйлөп берет. Суроо берет, суроолорго жооп берет. Башкалардын айтканын толуктайт, тактайт, сурайт.<br>**Жазуу:** Саякатка чакыруу кат жазат. Суроолорго жооп жазат. Эссе жазат. | Жөнөкөй жана татаал ээ. Ээнин милдетин аткарган сөздөр. Сүйлөмдүн баяндоочу. Жөнөкөй жана татаал баяндооч. Баяндоочтун милдетин этиш аткарат. | Тарыхый эстеликтер улуттун мурасын чагылдырат. Алар: үңкүрлөр, аскага тартылган сүрөттөр, байыркы конуштар, сепилдер, шахталар, мавзолейлер, мунаралар, мечиттер жана Кыргызстанда болуп өткөн тарыхый окуяларга байланыштуу жерлер. Мамлекет тарыхый эстеликтерди коргойт жана адабиятты, илимди, искусствону, массалык маалымат каражаттарын жана спортту өнүктүрүү үчүн зарыл шарттарды түзүүгө кам көрөт. |
| **3. Кесип.**<br>Көп талап кылынган кесиптер<br>Мугалим<br>Аракет кылсаң – берекет. Кимге кайсы кесип жагат<br>Мугалимдин жашоо деңгээлин жакшыртуу керек | **Маалымат берүүчү:** Окуганы, укканы боюнча кесиптер жөнүндө билгендерин айтат.<br>**Эмоционалдык баа берүүчү:** Мугалим кесибинин артыкчылыгын баалайт.<br>**Жөнгө салуучу:** Көп талап кылынган кесиптер боюнча классташтарына сунуш берет.<br>**Маалымат суроочу**: Ар кайсы кесиптин ээси болуу үчүн кандай шарттар керек экендигин сурайт, билгендерин түшүндүрөт. | **Угуу**: Кесиптер тууралуу ар кандай билдирүүлөрдү угушат.<br>Текстти 2 жолу угуп, укканы боюнча тапшырмаларды аткара алышат.<br>**Окуу:** Дүйнөдөгү мугалимдердин жашоо деңгээли тууралуу тексттерди окуп түшүнөт. Окуганы боюнча ой жүгүртөт.<br>**Жазуу**: Кесип темасы боюнча суроолорго жооп жазышат, сүйлөмдөрдү толукташат. Диалог түзөт. Эссе жазат.<br>**Сүйлөө**: Окуган, уккан тексти боюнча өз оюн билдирет, аргументтеп, мисал келтирет. Жупта, топто талкууга чыгат. | Атоочтук баяндооч. Атоочтук баяндоочтун милдетин аткарган сөздөр.<br>Ээ менен баяндоочтун ээрчишкен жана ээрчишпеген учурлары. Ээ менен баяндоочтун орун тартиби. Ээ менен баяндоочтун ортосуна сызыкча коюп жазуу. | Аракет кылсаң – берекет.<br>Ар бир кесип – ардактуу.<br>Мугалимдердин жол киресин 50% га арзандатыш керек. Себеби ... Айнура мугалим болгусу келет, анткени ал балдарды жакшы көрөт. Биздин өлкөдө мугалимдер жакшы жашаш керек. Себеби ... Окуучуларга сапаттуу билим бериш керек. Себеби ...<br>Мугалимдер жайында курорттордо акысыз эс алыш керек. Себеби ... Адамдын жашоосунда жарандык негиз түптөлгөн учур – жаштык. |
| **4. Кыргызстан**<br>Кыргызстан – менин мекеним<br>Кыргызстан – менин сыймыгым<br>Мен жашаган аймак | **Аңгемелешүүнү колдоо:** Берилген суроого кенен-кесири жооп берет, кошулганын, макулдугун билдирет. **Жөнгө салуучу:** Маектешүүчүнү кызыктырып, | **Жазуу**: Сүйлөмдөрдү туура туташтырышат.<br>Суроолорго жооп жазат.<br>Кыргызстандын жаныбарлары жана канаттуулары тууралуу текст жазышат. | Тууранды сөздөр жана анын түрлөрүн колдонуу.<br>Тууранды сөздөрдү колдонуу. | Мен айылда ...<br>Биздин айыл ...<br>Мурда айылда ар кандай майда жандыктар ... өтө көп болгон. Ооба, биз жашаган аймак мага жагат. Себеби ... Жок, биз |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| Мен жашаган көчө<br>Кыргызстандын жан-жаныбарлары<br>Кыргызстандагы канаттуулар<br>Куштар жөнүндө эмне билесиңер?<br>Куштар эмне үчүн азайып баратат?<br>Куштар азайбас үчүн эмне кылыш керек? | Кыргызстандын ажайып кооз жерлерин, андагы жаныбарларды, канаттууларды көрүүгө каалоосуна таасир этет.<br>**Баалоочу:** Кыргызстандын айылдарына, шаарларына суктанганын билдирет.<br>**Маалымат суроочу:** Кыргызстан жана Кыргызстандагы жаныбарлар, канаттуулар жөнүндө маалыматтарды сурайт, тактайт. | **Окуу**: Кыргызстан, Кыргызстандын жан-жаныбарлары, Кыргызстандагы канаттуулар тууралуу тексттерди окуп түшүнөт. Окуганы боюнча сүйлөп берет.<br>**Угуу**: Кыргызстан, Мекеним темасында чакан билдирүүлөрдү угат, укканы боюнча тапшырмаларды аткара алышат.<br>**Сүйлөө:** Кыргызстан, андагы канаттуулар, жаныбарлар тууралуу айтып берет. Диалог түзө алышат. Окуган текстинин мазмунун далил келтирип сүйлөп берет. | Туурaнды сөздөрдөн жасалган этиштерди колдонуу.<br>Сырдык сөздөрдү колдонуу.<br>Айбанаттарга карата айтылуучу сырдык сөздөрдү колдонуу.<br>Турмуш-тиричиликке байланыштуу сырдык сөздөрдү колдонуу | жашаган аймак мага жакпайт. Себеби ... Ооба, биз жашаган көчө мага жагат. Себеби ... Жок, биз жашаган көчө мага жакпайт. Себеби ...<br>Куштарды сакташ керек. Себеби ...<br>Биздин өлкөдө сейрек кездешүүчү куштарды коргош керек. Мен мекеним менен сыймыктанам. Кыргызстанда дүйнөдө жок Айгүл гүлү өсөт. |
| **5. Ден соолук. Спорт**<br>Ден соолук чың болуу үчүн эмне кылуу керек?<br>Ден соолукту кантип сактайбыз?<br>Сергек жашоо тууралуу билесиңби?<br>Саламаттыгың өз колунда. | **Жөнгө салуучу:** Маектешүүчүнү кызыктырып, ден соолук чың болуу үчүн көрсөтмө берет.<br>**Максаттар жөнүндө маалымат суроо:** Сергек жашоо үчүн койгон максатын айтып берет, башкалардан сурайт.<br>**Маалымат суроочу:** Ден соолукка зыяндуу заттар тууралуу маалыматтарды сурайт, тактайт. | **Угуу:** Ден соолук темасында билдирүүлөрдү угат, укканы боюнча ой жүгүртөт, сүйлөп берет.<br>**Сүйлөө:** Суроолорго жооп берет. Ден соолук тууралуу, ден соолукту чыңдоо жана сергек жашоо жөнүндө ой жүгүртүп оозеки текст түзөт. Саламаттык жөнүндо ойлорун айтышат.<br>**Жазуу:** Сүйлөмдөрду толукташат. Суроолорго жооп жазышат. Диалог түзүп, жазышат.<br>**Окуу:** Ден соолук жана ссергек жашоо темасында туташ жана туташ эмес тексттерди окушат. Окуган тексттери боюнча талкууга чыгышат. | Маек куруу<br>Суроого толук жооп берүү.<br>Диалог.<br>Монолог.<br>Жазуу тестинин түзүлүшү | Ден соолук чың болуш үчүн ...<br>Адамдын ден соолугу жакшы болсо, анда ... Эгерде адамдын көзү ооруса, анда...<br>- Белок көп болсун десеңер, этти көп жегиле.<br>- Мындан тышкары, балык өтө керектүү азык.<br>Тилекке каршы, балыкты аз колдонобуз. Куурулганын же туздалганын жейбиз. Негизи дары-дармек – бул таза аба, ... Эгерде адам ооруп калса, анда ... Мен сергек жашоо тууралуу билем, ал ... |
| **6. Соода-сатык**<br>Кайдан эмне сатып алабыз? Кандай кийим жарашыктуу болот? Дүйнөдөгү | **Маалыматтык:** Мода менен кийинүү тууралуу билгендерин айтып берет. Мектеп формасы кандай болуш керек экендигин сурап билет. **Байланыш** | **Угуу**: Кандай кийим жарашыктуу темасы боюнча диалогду угушат. Даилогдорду түшүнгөнү боюнча схемаларды толтурушат. | Жай жана суроолуу сүйлөмдөр.<br>Илептүү сүйлөм. | Мектеп формасы эмне үчүн киргизилген? Форма кийгенде бардык окуучулар бирдей жана тең болгон. Эгерде мектеп формасын улуттук кийимге алмаштырса, анда ... Форма модалуу болуш керек. Себеби ... |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| улуттардын баш кийими.<br>Мода менен кийинүү.<br>Мектеп формасы кандай болуш керек?<br>Текшерүү иши<br>Жат жазуу | **түзүүчү:** Классташын жаңы кийими менен куттуктайт.<br>**Баалоочу:** Курбуларынын кийимдеринин жарашыктуулугун баалайт.<br>**Жөнгө салуучу:**<br>Классташын кызыктырып, театрга барууну каалоосуна таасир этет. | **Жазуу:** Кайдан эмне сатып ала тургандыгы жөнүндө текст түзүп жазат. Ой жүгүртүү эссе жазат.<br>**Сүйлөө**: Башка улуттардын кийимдери менен таанышышат, алар тууралуу суроолорго жооп берет, айтып берет.<br>**Окуу:** Тексттерди окуп түшүнөт, окуганы боюнча айтып берет. Окуган маалымат боюнча жупта жана топто иштешет. Талкууга чыга алат. | Сүйлөмдөгү сөздөрдүн орун тартиби.<br>Жалаң сүйлөм.<br>Жайылма сүйлөм. | Форма жарашыктуу болуш керек. Себеби ... Форма арзан баада болуш керек. Себеби ... Форма ыңгайлуу болуш керек. Мунун баары мектеп формасы. Мектеп формасы тууралуу жаңы эмнелерди билдиң? |
| **7. Кызыгуулар**<br>"Манас" – улуу эпос.<br>Кыргыз театрлары<br>Мектеп окуучулары театрга кызыгабы?<br>Көргөн спектаклге пикир жазуу | **Маалыматтык:** Эмне себептен бул же тигил нерсеге кызыкканын сурайт.<br>Өзүнүн театрга, киного болгон кызыгуусу жөнүндө башкаларга айтып берет.<br>Досторунун кызыгуулары тууралуу сурамжылайт, тактайт.<br>Театрга же киного кызыгарын тактайт.<br>**Жөнгө салуучу:**<br>Класстаптарына кызыгуулардын түрүн сунуштайт. | **Угуу:** Эмне үчүн мектеп окуучулары театрга көп барбайт? Иликтөө жүргүзүп, классташтарынын пикирлерин угуп, толуктайт.<br>**Сүйлөө:** Жупта театр жана кино тууралуу баарлашат. Өз ойлорун тастыкташат, далилдешет. Өзүнө жаккан кызыгуусу жөнүндө сүйлөйт.<br>**Окуу:** Театр, кино жөнүндө тексттерди окуп, окуганы боюнча суроолорго жооп берет. Окуган маалымат боюнча талкуу жүргүзөт.<br>**Жазуу:** Сүйлөмдөрдү мааниси боюнча туташтырышат. Макалдын маанисин чечмелеп жазат. Көргөн спектаклге рецензия жазат. "Театр – турмуштун күзгүсү" деген темада ой жүгүрүү текстин жазат. | Толук сүйлөм.<br>Кемтик сүйлөм.<br>Ээсиз сүйлөм.<br>Рецензиянын түзүлүшү. | Мектеп окуучулары театрга кызыгышпайт. Бул ... туура эмес. Себеби ... белгилөө маанилүү.<br>Менин оюмча, ...<br>Баарынан да мага ... таасир калтырды. Башкы ролду аткарган ... Режиссердун ... чечими аябай ийгиликтүү болгон. Актёрлордун кийген кийимдери ...<br>Декорациялар ... Менин бул оюнду көргөндөгү таасирлерим ...<br>Мени ... ойлондурат.<br>... эсте калды. |

**8-класстын материалдары**

| Тема | Кептик интенция | Кеп ишмердүүлүктөрү | Грамматикалык материал | Кептик конструкциялар, терминдер, фразалар |
|---|---|---|---|---|
| **1. Үй-бүлө**<br>Силердин үй-бүлөңөр кандай? | **Жөнгө салуучу:**<br>Айтылган ойго кошулат, же каршылык билдирет. | **Угуу:**<br>Кыска тексттерди угуп түшүнөт.<br>Мугалим эки жолу окуп берет. | Сүйлөмдүн баш мүчөлөр<br>Сүйлөмдүн айкындооч мүчөлөрү | Ата, сиз мен үчүн эң кымбат адамсыз.<br>Мен сизди сыйлайм, себеби ... |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| Адамдын мүнөзү<br>Үй-бүлөдөгү мамиле<br>Үй-бүлө мүчөлөрүнүн мүнөзү<br>Мүнөздөр тууралуу сүйлөшөлү<br>Мүнөздөмө<br>Адамга эмнелер таасир этет? | **Баалоочу интенция:**<br>Ата-энесине жылуу мамилесин, сүйүүсүн билдирет.<br>**Маалыматтык интенциялар:**<br>Үй-бүлөсүндөгү болуп өткөн окуялар тууралуу маалымат баяндайт.<br>Диалог учурунда үй-бүлөдөгү окуялар тууралуу маалыматтарды кошумчалайт.<br>Башкалардын үй-бүлөсү тууралуу маалыматтарды тактайт.<br>Үй-бүлө мүчөлөрү тууралуу сурайт. | **Окуу:**<br>Текстти окуп, негизги ойду аныктайт. Текстке тема коёт. Тексттин аталышын түшүндүрөт. Текст боюнча өз оюн билдирет. Текстти талдайт.<br>**Жазуу:**<br>Аба-ырайы жөнүндө досу менен маектешкенин диалог түрүндө жазат.<br>Сүрөт боюнча текст түзүп жазат.<br>Үй-бүлөдөгү мамиле тууралуу текст жазат.<br>Классташына мүнөздөмө жазат.<br>Макалдын маанисин чечмелеп жазат.<br>**Сүйлөө:**<br>Окуган текстин план боюнча айтып берет. "Адамдын мүнөзүнө эмнелер таасир этет?" деген темада презентация даярдайт. Адамдардын сапаттары тууралуу досу менен маектешет. | Аныктооч<br>Бышыктоочтун түрлөрү<br>Кимдей? Эмнедей? -дай мүчөсүнүн жалганышы<br>Аныктоочтун милдетин аткарган сөз түркүмдөрү<br>Толуктооч | Мен сени менен сыймыктанам, анткени ...<br>Мен сизди сагынам, ошондуктан каникул башталганда, үйгө карай зымырап жөнөйм.<br>Мен сизди сагынам, ....<br>Мен сизди күтөм, .... Адамдардын мүнөзү ар кандай.<br>Менин мүнөзүм ...<br>Сенин мүнөзүң ...<br>Анын мүнөзү токтоо.<br>Анын мүнөзү сабырдуу.<br>Эненин мүнөзү шайыр.<br>Апамдын мүнөзү ак көңүл.<br>Досумдун мүнөзү жайдары.<br>Эне балдарына кам көрөт.<br>Кызматкерге мүнөздөмө берилет.<br>Мугалим окуучуга мүнөздөмө берет. |
| **2. Саякат. Эс алуу**<br>Туулган жерге саякат<br>Кыргызстандын кооз жерлерине саякат<br>Туризм жана анын түрлөрү<br>Түндүккө сапар<br>Саякатка чыгалы, достор! | **Баалоочу интенциялар:**<br>Көргөн көркөм тасмасынын жаккан жерин белгилейт.<br>Тасманын таасирлери менен бөлүшөт.<br>**Жөнгө салуучу интенция:**<br>Классташына кооз жерлерге барууну сунуштайт.<br>**Маалыматтык интенция**:<br>Саякат учурундагы коопсуздук эрежелерин сактоо зарылдыгын түшүндүрөт.<br>**Маалымат суроочу интенция:**<br>Саякатка чыккандагы жүрүм-турум эрежелерин сактоонун себеп- | **Угуу:** "Курманжан датка" көркөм тасмасынан үзүндү көрүп, фильмдин текстин угуп түшүнөт.<br>**Окуу:** Текстти окуп, окуганы боюнча негизги ойду аныктайт.<br>Окуганын кыскача айтып берет.<br>Окуганы боюнча суроолорго жооп берет.<br>Интернет булактарынан Кыргызстандын кооз жерлери жөнүндө өз алдынча маалымат окуп, айтып берет.<br>**Жазуу**:<br>Кыргызстандын кооз жерлери жөнүндө текст түзүп жазат.<br>Туризмдин түрлөрү жөнүндө текст жазат.<br>Кыргызстан жөнүндө туристтерге жарнама жазат. | Толуктоочту колдонуу<br>Толуктоочтун түрлөрү<br>Тике толуктооч<br>Кыйыр толуктооч<br>Толуктоочтун суроолору | Туулган жердин топурагы – алтын. Ата журтум – алтын бешигим.<br>Кыргыз жерине суктанам.<br>Мен Кыргызстандын кооз жерлерине суктанам, анткени...<br>Туристтер тарыхый эстеликтерди көрүп суктанышат, себеби ...<br>Кыргызстандык жазуучу жөнүндө очерк. Туулган жерин сүрөттөө.<br>Кыргызстандын жерлери жөнүндө уламыш. Туризмдин түрлөрү: жөө туризм, атчан туризм, велосипед туризми, автотуризм.<br>Жөө турист треккинг таягын колдонот. Саякатка чыкканда керектүү буюмдарды алам: ...<br>Саякат учурунда коопсуздук эрежелерин сактайм. |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | натыйжалары тууралуу маалымат сурайт.<br>**Жөнгө салуучу интенция:**<br>Классташтарына коопсуздук эрежелери боюнча кеңеш берет.<br>**Баалоочу интенция:**<br>Диалог учурунда өрт коопсуздугуна кайдыгер айтылган фраза үчүн маектешүүчүнү жемелейт. | "Бир жакадан баш, бир жеңден кол" деген темада текст түзөт. Конокко кайрылып, сүйлөшкөнүн жазат. Кыргызстандын кооз жерлерине барууга чакыруу барагын жазат.<br>**Сүйлөө:**<br>Кыргызстандын кооз жерлери тууралуу айтып берет. Автотуризмдин маршрутун түзүп айтып берет. Маршруттук багытты түшүндүрөт. Саякаттагы коопсуздук эрежелеринин рейтингин түзөт. | | Автотуризмдин маршруттарын билем. Маршруттук багыттар: ...<br>Кыргызстанда жылдын бардык мезгилинде саякатка чыгууга болот, себеби ... Тоого саякаттоо кызыктуу, себеби ...<br>Токойго саякаттоо кызыктуу, себеби ... Саякат учурунда таштарды ордунан жылдырбаш керек, анткени...<br>Саякатка чыкканда отту өчүрүп кетиш керек, себеби ... |
| **3. Кесип**<br>Кайсы кесипти тандайсың?<br>Менин болочок кесибиме кайсы сабактар керек?<br>Кесип жөнүндө кыялдануу<br>Тил үйрөнүүгө байланыштуу кесиптер<br>Дүйнөдөгү тилдер<br>Кесип тандоо өтө маанилүү | **Маалымат суроочу:**<br>Досунан кесип боюнча пландарын, кыялдарын сурайт.<br>**Жөнгө салуучу интенциялар:**<br>Классташтарына кайсы бир кесипти тандоону сунуштайт.<br><br>Досуна кыялдарын ишке ашырууга кеңеш берет.<br><br>**Баалоочу интенциялар:**<br>Досуна өзү тандаган кесипти мактайт.<br><br>Болочоктогу кесибинин артыкчылыгын түшүндүрөт.<br><br>Классташтарынын ийгилигин белгилейт. | **Угуу:** Кесип жөнүндө диалог угуп, суроолорго жооп берет. Негизги ойду аныктайт.<br>**Окуу:** Текст окуп, тексттеги маанилүү ойду аныктайт. Окуганы боюнча сүйлөйт. Кесип тууралуу окуганы боюнча талкуулашат.<br>**Жазуу:** Класстагы окуучулар кайсы кесипти тандаганына иликтөө жүргүзөт. Класстык саатта сүйлөй турган сөзүн план түзүп даярдайт. Тил менен байланышкан кесиптер тууралуу текст түзүп жазат.<br>Таржымал жазат.<br>**Сүйлөө:** Кесип тууралуу ой жүгүртөт, суроого жообун негиздейт. Кесиптерге коюлган талаптардын рейтингин түзөт. Досуна өзүнүн тандаган кесиби тууралуу айтып берет.<br>Окуганына таянып, досунун кыялдары жөнүндө айтып берет.<br>Окумуштуудан жоголуп бараткан тилдер жөнүндө интервью алат. | Аныктоочту кайталоо<br>Аныктоочтун сүйлөмдөгү орду<br>Тутумдаш аныктоочту колдонуу<br>Аныктоочтун милдетин аткарган сөз түркүмдөрү<br>Сан атоочтордун аныктоочтун милдетин аткарышы<br>Аныктооч менен ээнин байланышы | Өнөрлүү өргө сүрөйт.<br>Болочок кесибим .... көз каранды.<br>Болочок кесибим жеке пландарымдан көз каранды.<br>Үй-бүлөмдүн пикирлерин эске алып кесип тандайм.<br>Кесип тандоодо .... эске алам.<br>Мен үчүн кесиптер тууралуу маалыматтар ... Мен үчүн кесип тандоодо ... маанилүү.<br>Кесиптердин түрлөрү: ... Адам менен жаратылыштын ортосундагы байланышты тейлеген кесиптер: ...<br>Адам менен адамдын ортосундагы байланышты тейлеген кесиптер: ...<br>Кесип тандоо – өтө жоопту маселе, ошондуктан ...<br>Дүйнөдө көп тараган тилдер ...<br>Тил билүү менен байланышкан кесиптер: ... Дүйнөдө ... тилде сүйлөгөндөр көбөйүүдө, себеби ... |
| **4. Кыргызстан**<br>Кыргызстандагы канаттуулар | **Маалыматтык интенциялар:** | **Угуу:** Укканы боюнча жаныбарларды коргоо иш-аракеттерин талдайт. | Зат атоочтордун жана ат атоочтордун аныктоочтун милдетин аткарышы | Туулган жердин топурагы – алтын. |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| Кыргыздын Ала-Тоосу<br>Кыргызстандагы сейрек кездешүүчү жаныбарлар<br>Кызыл китеп<br>Жаныбарларды коргоо<br>Кыргызстандын токойлору<br>Жаратылышка аяр мамиле | Тема боюнча билгендерин классташтарына кабарлайт.<br><br>Кыргызстандын токойлору тууралуу маалымат сурайт.<br><br>Жаныбарларга кам көрүү тууралуу тактайт.<br><br>Билгендерин кошумчалайт.<br><br>Жаныбарлардын азайыш себеп-натыйжалары тууралуу маалымат сурайт.<br><br>**Жөнгө салуучу интенциялар:**<br>Сейрек кездешүүчү жаныбарларга аңчылык кылууга каршылыгын билдирет.<br><br>Абалды оңдоонун жолун сунуштайт.<br><br>Классташтарына Кыргызстандагы сейрек кездешүүчүжаныбарларды коргоо боюнча конкреттүү кеңеш берет.<br>**Байланыш түзүүчү интенция:**<br>Жаныбарлардын жашоо шартынын өзгөрүлүшүн талкуулоону өз алдынча баштайт.<br>Диалогдордо жаратылышты булгабай | Жаратылышка аяр мамиле кылуу тууралуу, токойлорду туура колдонуу тууралуу диалогдорду угуп, улантат.<br>**Сүйлөө:** Кыргызстанда канаттуулардын жашоосуна байланыштуу көйгөйлөрдү айтып берет. Жаныбарлар жөнүндө иликтөөлөрдү айтып берет.<br>Кыргызстандын токойлору тууралуу айтып берет.<br>Окуганы боюнча маалыматты 2 – 3 сүйлөм менен жалпылайт.<br>**Окуу:** Ж.Бөкөнбаевдин "Кыргыздын Ала-Тоосу" Апаз Жайнаковдун ""Ала-Тоо" ырынын саптарын окуп салыштырат.<br>Текстти окуп түшүнүп, текст боюнча суроо түзөт.<br>Токойдун ярустары тууралуу окуп, айтып берет.<br>Ак илбирс тууралуу туташ эмес текст окуп, баяндап берет.<br>Окуган текстин жана тексттин структурасын колдонуп, оозеки баяндоо текстин түзөт.<br>**Жазуу:** Канаттууларды сүрөттөп жазат. Тоого барган жолду сүрөттөп жазат. Тоону сүрөттөп жазат.<br>Газетага үкү жөнүндө билдирүү жазат.<br>Сейрек кездешүүчү жаныбарлар жөнүндө ой жүгүртүү эссесин жазат.<br>Сейрек кездешүүчү жаныбарлар темасындагы класстык саат жөнүндө кулактандыруу жазат.<br>Жаныбарларды коргоо тууралуу иш-чара жөнүндө кулактандыруу жазат.<br>Ак илбирсти коргоо темасында мектеп газетасына макала жазат. "Тоолордун | Атоочтуктун аныктоочтун милдетин аткарышы<br>Аныктооч менен аныкталгычтын сүйлөмдөгү орду<br>Иш кагаздар стили<br>Бышыктоочту кайталоо<br>Бышыктоочтун түрлөрү<br>Бышыктоочтун суроолору<br>Бышыктоочтун мааниси | Башка элде султан болгончо, өз элиңде ултан бол.<br>Кыргызстандагы канаттуулар.<br>Кыргызстандагы сейрек кездешүүчү жаныбарлар ...<br>Канаттуулардын ичинен ... билем.<br>Кыргызстанда канаттуулардын жашоосуна байланыштуу ... көйгөй бар.<br>Менин шаарымдан / айылымдан тоого чейин алыс / жакын. Тоодо жашаган ... жаныбарларды билем.<br>Токойдо жашаган ... жаныбарларды билем.<br>Талаада жашаган ... жаныбарларды билем.<br>Кыргыздын Ала-Тоосу ...<br>Жаныбарлардын азайыш себептери: ....<br>Ак-Сай, Арпа, Суусамырдын бийик тоолорунда, Нарын коругунда, Ысык-Көлдүн батышында, Алай тоолорунда, Чаткалда, Чу дарыясынын Казакстан тарабындагы жээктеринде, Токтогул суу сактагычынын тегерегинде кездешет.<br>Өсүмдүктөр дүйнөсүнүн падышасы – женьшень.<br>Жаныбарлар дүйнөсүнүн падышасы – маралдын мүйүзү.<br>Ак кар баскан аска-зоолордо жашаган жырткыч – ак илбирс.<br>Тоолордун көрүнбөгөн ээси.<br>Токой ярустары ...<br>чөп, бадал, бак-дарак.<br>Чаңдаштыруу....<br>Чаңдаштыргычтар: .... |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | сактоо жөнүндө маекти колдойт. | көрүнбөгөн ээси" темасында аңгеме жазат. | | Жаратылышты булгоо фактылары |
| **5. Ден соолук**<br>Ден соолукка эмне пайдалуу, эмне зыян?<br>Ооруканада<br>Оорулардын түрлөрү<br>Оорунун алдын алуу<br>Оорунун алдын алуунун мааниси<br>Ден соолугуңа сак бол<br>Пайдалуу кеңештер | **Жөнгө салуучу интенция:**<br>Оорунун алдын алуу боюнча классташына кеңеш берет.<br>**Маалыматтык интенциялар:**<br>Сергек жашоо жөнүндө айтып берет.<br>Тамекиден чыккан кооптуу заттар тууралуу сурайт.<br>**Жөнгө салуучу интенция:**<br>Ден соолукту чыңдоо үчүн классташтарына кеңеш берет.<br>Досторуна, классташтарына чың ден соолук каалайт.<br>**Баалоочу интенция:**<br>Оорунун алгачкы белгилерин угуп, алдыдагы иш-аракеттерди божомолдойт. | **Угуу:**<br>Оорукана темасында диалог угуп суроолорго жооп берет, укканын монолог түрүндө айтып берет.<br>**Окуу:**<br>Окуган текстиндеги негизги маалыматты аныктайт. Текст окуганы боюнча суроолорго жооп берет. Окуган текстти 3 сүйлөм менен жалпылайт, өз мисалын келтирет, корутундулайт.<br>**Жазуу:**<br>Ооруқананы сүрөттөп жазат.<br>Дарыгерге жазылуу талонун толтурат.<br>Оорулар көбөйсө, мамлекеттик деңгээлде иш жүргүзүү тууралуу ой жүгүртүү текстин жазат.<br>Санитардык бюллетень жазат.<br>"Сактансаң, сактаймын" темасында эссе жазат.<br>**Сүйлөө:**<br>Сергек жашоо жөнүндө айтып берет.<br>Дарыгер менен маектешет. | Орун бышыктооч<br>Мезгил бышыктооч<br>Максат бышыктооч<br>Себеп бышыктооч<br>Сын-сыпат бышыктооч<br>Сан-өлчөм бышыктооч | Бейтап ооруканадан үйүнө кетти. Эгерде ден соолук бекем болсо, анда адам узак жана жакшы жашайт. Эгерде ооруп калса, анда дарыланыш керек.<br>Ооруп калбас үчүн сергек жашоо керек. Ооруп калбас үчүн ... керек. Дарыгерге кирүү үчүн каттоо жайына кайрылыш керек.<br>Каттоо жайына кайрылып, дарыгерге жазылыш керек.<br>Эгерде ооруп калса, тез жардам чакырыш керек.<br>Ден соолугубузду чыңдаш үчүн жайында бээнин сүтүн ичтик.<br>Өнөкөт оорулар күчөсө, ооруканага барыш керек.<br>Оорунун алдын алуу керек.<br>Тазалыкты сактагыла<br>Беткап кийгиле. Сергек жашоо үчүн ... Ooру козгогуч микроорганизмдер ... |
| **6. Соода-сатык**<br>Соода-сатык тууралуу билесиңерби?<br>Айыл чарба дүкөнү<br>Интернет дүкөнү<br>Дан өсүмдүктөрүн өстүрүү жана сатуу<br>Азык-түлүк менен камсыздандыруу | **Жөнгө салуучу:** Жазылган комментарий менен макул, макул эместигин түшүндүрөт.<br>**Баалоочу:**<br>Товардын баасына кызыгуусун билдирет.<br>Мыкты товарды жарнамалайт.<br>Артыкчылыгын көрсөтөт.<br>Интернет-дүкөндөн товарга буюртма берүүнү мактайт.<br>**Жөнгө салуучу:**<br>Классташын кызыктырып, | **Угуу:** Уккан диалогун монолог түрүндө каармандын атынан айтып берет.<br>**Окуу:** Текстти окуп, жаңы сөздөрдүн маанисин контекст боюнча чечмелейт.<br>Текст окуп, окуганы боюнча суроо түзөт.<br>Окуган текстинин маанисин түшүнүп, тексттин алынган булагын аныктайт.<br>Окуганы боюнча тууганына кат жазат.<br>**Жазуу:** Дүкөндү сүрөттөп жазат.<br>Товарларды сатып түгөтүү жөнүндө жарнама жазат.<br>Буюртма жазат. | Өтүлгөн темаларды кайталоо<br>Сан-өлчөм бышыктоочту кайталоо<br>Себеп бышыктоочту кайталоо<br>Ээ жана баяндооч<br>Айкындооч мүчөлөр | Кыргызстан менен Кытай соода-сатык өнөктөштөр.<br>Экспорт – ...<br>Импорт – ...<br>Кыргызстан ... товарларды экспорттойт.<br>Кыргызстан ... импорт алып келет.<br>... товар жүгүртүүдө жакшы көрсөткүчтөр бар.<br>Буудайдын түшүмүн күзүндө ... сатса болот. Буудайдын түшүмүн жазында ... сатса болот. Айыл чарба жабдыктары: ...<br>Кыргызстандын экономикасын көтөрүү үчүн ... керек. |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | дүкөнгө барууну каалоосуна таасир этет.<br>**Маалыматтык:**<br>Алынган товар тууралуу айтып берет. Башкалардан сурайт, тактайт. | Азык-түлүк менен камсыздандыруу тууралуу ой жүгүртүү текстин жазат.<br>**Сүйлөө:** Товар жүгүртүү боюнча диаграмманы сүрөттөп айтып берет. Айыл чарба товарлары жөнүндө айтып берет. Диаграммадагы маалыматты айтып берет. | | Биз интернет-дүкөндөн товар сатып алабыз.<br>Дан өсүмдүктөрүн өстүрүү жана сатуу ... Айыл чарба дүкөндөрү товарды жеткирип берет.<br>Товардын кепилдиги ... |
| **7. Кызыгуулар**<br>Улуу адамдар эмнеге кызыккан?<br>Кыргыз киносуна саякат<br>Кино тарыхы бүгүнкү күнгө чейин<br>Кинотеатр<br>Кинону кандай көрүш керек? | **Маалыматтык интенция:**<br>Кайсы кинотеатр жагары тууралуу сурамжылоо жүргүзөт.<br><br>Кино тууралуу билгендерин айтып берет.<br><br>Башкалардын билгендерин, окугандарын сурайт.<br><br>Киносыйлыктар тууралуу тактайт.<br><br>**Жөнгө салуучу интенция:**<br>Кайсы кино көрүү тууралуу сунуш берет.<br><br>Кинону кантип отуруп көрүү боюнча кеңештерди берет.<br><br>**Баалоочу интенция:**<br>Жактырган тасмасы эмне үчүн жагарын түшүндүрөт.<br><br>**Байланыш түзүүчү интенция:**<br>Досун киного чакырат. | **Угуу:** С.Каралаевдин аткаруусунда “Манастан” үзүндү угат, угуп жаткандагы сезимдерин айтып берет. Ч.Айтматовдун С.Каралаевди эскерүүсүн угуп, түшүнгөнүн айтып берет.<br>**Окуу:** Окуганы боюнча суроолорго жооп берет. Окуган текстин досуна айтып берет. Окуган текстиндеги негизги ойду аныктайт.<br>Окуганы боюнча тыянак чыгарат.<br>**Жазуу:** Окуган тексти боюнча диалог түзүп жазат. “Тилмеч бала” темасында аргументтештерилген эссе жазат.<br>Кыргыз киносунун туулган күнү жөнүндө жарнама жазат.<br>Кинотеатр жөнүндө сүрөттөө текстин жазат. Киного барганы тууралуу баяндоо текстин жазат.<br>Кинотеатрга баруу тууралуу сунуш жазат.<br>**Сүйлөө:** Окуган текстти план боюнча айтып берет. Жактырган фильми тууралуу, эмне үчүн жактырганы тууралуу айтып берет.<br>Көркөм тасма көрүп, каармандарга оозеки мүнөздөмө берет.<br>Кинодогу, көркөм чыгармадагы негизги көйгөйдү талкуулоого катышат.<br>Кайсы киного кызыгарын сурап, иликтөө жүргүзөт. | Сүйлөмдүн бир өңчөй мүчөлөрү<br>Бир өнчөй ээлер<br>Бир өңчөй баяндоочтор<br>Бир өңчөй аныктоочтор<br>Бир өңчөй толуктоочтор<br>Бир өңчөй бышыктоочтор | Саякбай Каралаев – феномен.<br>С.Каралаев – 20-кылымдын Гомери.<br>Биринчи жолу тилмеч болгон ...<br>Ветеринарга орус тилине ... которуп берген.<br>Уу чөпкө ууланып калган асыл тукум жылкы тууралуу которгон.<br>Киного тартылуунун жолдору: ...<br>Кастинг агенттигине кайрылуу...<br>Эл аралык кинофестиваль ...<br>Белгилүү актёрлор: ...<br>Атактуу кинорежиссёрлор: ...<br>Кинофестивалдын ардактуу коноктору: ...<br>“Ак кеме” – улуу адамдар жараткан улуу тасма.<br>Тасма чоң экранга ... чыккан.<br>Тасманын түрлөрү: ....<br>Кинематография ... пайда болгон.<br>Сүймөнкул Чокморов – кыргыз киносунун легендасы.<br>Динара Асанова – ....<br>Башкы режиссёр – ...<br>Башкы каарман – ...<br>“Оскар” сыйлыгы – маанилүү, кадырлуу сыйлыктардын бири.<br>“Оскар” сыйлыгы – абройлуу сыйлык. Кино жанрлары: ...<br>Кечинде кинотеатрга барабыз.<br>3D форматындагы кино ... |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | | | Психикасы жакшы калыптана элек балдарга 3D форматындагы кино көрүү туура эмес. |

| **9-класстын окуу материалдары** | | | | |
|---|---|---|---|---|
| **Тема** | **Кептик интенция** | **Кеп ишмердүүлүктөрү** | **Грамматикалык материал** | **Кептик конструкциялар, терминдер, фразалар** |
| **1. Үй-бүлө**<br>Ийгиликтүү ата-эне кандай болушу керек?<br>Үй-бүлөдө мамиле кандай болушу керек?<br>Адамдагы жакшы сапаттар<br>Үй-бүлөдөгү улуу, ортончу жана кичүү балдардын мүнөздөрү<br>Балдардын укугу<br>Башка өлкөлөрдө балдарды кантип тарбиялайт?<br>Таржымалы кантип жазуу керек? | ***Жөнгө салуучу:***<br>Айтылган ойго кошулат, же каршылык билдирет.<br><br>**Баалоочу интенция:**<br>Кыргызстандагы үй-бүлөлөр менен чет өлкөдөгү үй-бүлөлөрдү салыштырат.<br><br>**Маалыматтык интенциялар:**<br>Диалог учурунда үй-бүлөдөгү окуялар тууралуу маалыматтарды кошумчалайт.<br><br>Башкалардын үй-бүлөсү тууралуу маалыматтарды тактайт.<br><br>Үй-бүлө мүчөлөрү тууралуу сурайт. | **Угуу:** Үлгүлүү адам, таланттуу ага-ини жөнүндө текстти угуп түшүнөт. Мугалим эки жолу окуп берет.<br>Үй-бүлө тууралуу диалогдорду угуп түшүнөт.<br>**Окуу:** “Үй-бүлө”, “Эне мээрими” деген тексттерди окуп, мазмунун түшүндүрөт. Текстти талкуулайт. “Мүнөз”, “Адамдардын мүнөздөрү” тууралуу илимий-популярдуу макаладан үзүндүлөрдү окуйт.<br>**Жазуу:** Социалдык басмырлабоонун принциптерине ылайык, теңтуштарына, айланасындагы адамдарга аяр мамилеси тууралуу түшүндүрөт. Жакын адамдарынын мүнөзү тууралуу жазат.<br>Өзүнүн таржымалын жазат.<br>Адамдардын асыл сапаттары тууралуу текст түзөт. Үй-бүлө тууралуу эссе жазат.<br>**Сүйлөө:** Ой жүгүртүү текстинин структурасына ылайык берилген көйгөй боюнча ой жүгүртөт. Бул тема боюнча дебат уюштурушат**.**<br>Үй-бүлөдөгү мамиле тууралуу өз оюн айтат. Макалдардын маанисин чечмелеп айтып берет. | Этиштин өзгөчө формалары. Чакчылдар<br>Чакчылдарды уюштуруучу мүчөлөр<br>Чакчылдардын белгилери<br>Атоочтуктар<br>Атоочтуктардын белгилери<br>Кыймыл атоочтор<br>Кыймыл атоочтун белгилери<br>Сын атоочтун заттык мааниде колдонулушу | Эгерде ... жаман болсо, анда ...<br>Кыялың начар болгондуктан ...<br>Эгердин адамдын кыялы ...-са, анда …<br>Атам бизге ит, мышык, балык, куштарды саты**п** келет.<br>Менин досторум … .<br>Мен ата-энеме ... мамиле кылам.<br>Балдардын укуктары:...<br>Балдардын милдеттери: ...<br>Бактылуу балалык тууралуу ...<br>Ата-эне кечке чейин **чарчагычакты** иштеди.<br>Кичүүлөр улуулар үйгө **киргиче күтүп турушат**.<br>Үй-бүлө мүчөлөрү бири-бирине **жардам бергени** келе калышат<br>Апасы баласы **келмейинче** күтө берет. Тууган күйдүрүп айтат, душман сүйдүрүп айтат.<br>Ар тараптуу, кеби менен башкаларга үлгү ..., билимдүү адамдарды даанышман деп коюшат. Бардык адамдарга бирдей мамиле жасап, жүрүш-турушу менен башкаларга үлгү ... сылык адамдар дейбиз. |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | Тексттеги цитаталарга комментарий берет. | | |
| **2. Эс алуу. Саякат**<br>Туризм жана анын түрлөрү<br>Туристтик агенттигинин иштери<br>Туризмдин максаттары<br>Сары-Челек биосфералык коругу | **Баалоочу интенциялар:**<br>Кыргызстан тууралуу жарнамаларды түзө алат.<br>Сүрөткө таянып, туризм тууралуу буклет жаратат.<br>**Жөнгө салуучу интенция:**<br>Классташына кооз жерлерге барууну сунуштайт.<br>**Маалыматтык интенция**:<br>Кыргызстан тууралуу маалыматтарды айтып берет.<br>Туризмдин түрлөрү жөнүндө айтат.<br>Кыргызстандагы кооз жерлер жана коруктар тууралуу маалыматтарды тактайт.<br>**Маалымат суроочу интенция:**<br>Кыргызстандагы этнотуризм, коруктар тууралуу маалыматтарды сурайт.<br>**Жөнгө салуучу интенция:**<br>Классташтарына Кыргызстандын кооз жерлерин сактоо боюнча сунуш берет.<br>**Баалоочу интенция:**<br>Сары-Челекти сактоо жөнүндө сүйлөп берет. | **Угуу:** Б.Сарногоевдин “Менин жерим” ырынын текстин угуп түшүнөт. Укканы боюнча айтып берет. Уккан тексттеги негизги ойду чечмелейт, башкаларга түшүндүрүп берет.<br>**Окуу:** Туризм, туристтик агенттик, Сары-Челек тууралуу тексттерди окуп, окуганы боюнча негизги ойду аныктайт. Тексттин мазунун, маанисин талкуулайт.<br>Кыргыз элинин маданий баалуулуктары жөнүндө айтып жана жазып берет, башка элдердин маданияты менен салыштырат.<br>**Жазуу**: Турист менен иштервьюнун суроолорун жазат. Сүйлөмдөрдү текстте туура жазат, логикалык чынжыр менен тизмектейт.<br>Сүрөттөө текстин жазат.<br>Саякат учурундагы эрежелерди жазат.<br>Туризмдин бир түрүнө жарнама жазат.<br>**Сүйлөө**: Мурунку, азыркы учурдагы жана келечектеги Кыргызстандагы туризмдин мүмкүнчүлүктөрүн салыштырат. Туризмдин максаттары, саякат учурудагы жүрүм-турум жөнүндө айтып жана жазып берет, башка элдердин маданияты менен салыштырат. Сөздүктөрдүн түрлөрүн (котормо, түшүндүрмө, синонимдер, антонимдер сөздүгү) өз алдынча колдонуп туура сүйлөйт. | Атоочтон атooч жасоочу мүчөлөр<br>Этиштен атooч жасоочу мүчөлөр<br>Зат атоочтун жөндөмө мүчөлөрү<br>Атоочтон этиш жасоочу мүчөлөр | Кыргызстанга кош келиңиз!<br>Менин атым ... . Мен ... .<br>Кыргызстан тууралуу саякатчыларга, туристтерге ... айтып бере алам.<br>Жарнама ... болгону жакшы.<br>Кооз жерлер (ажайып кооз жерлер, тарыхый жерлер) ...<br>Кыргызстандагы туризмдин өнүгүшү ...<br>Кыргызстан - ... өлкө.<br>Эмне үчүн туристтер Кыргызстанга келиши мүмкүн?<br>туризм... (эмненин?) сүйүүчүсү<br>турмуш шарты... (эмненин?) өзгөчөлүгү<br>өлкөлөр... (эмнелердин?) бири<br>Кыргызстан... (эмненин?) коруктары;<br>Кыргызстан... (эмненин?) жаратылыш парктары<br>кол өнөрчүлүк... (эмненин?) үлгүлөрү;<br>оюндар... (эмнени?) даңазала-;<br>элдик кол өнөрчүлүк... (эмнени?) даңазала-;<br>колукту... (кимди?) коштоп жеткир-;<br>тушоо кесүү ырымы... (эмнени?) көрсөт-;<br>туризм... (эмнени?) сүй-; |
| **3. Кесип**<br>Кийимдин тарыхынан | **Маалымат суроочу:**<br>Классташынан заманбап кесиптер, талап кылынган кесиптер тууралуу сурайт. | **Угуу:** “Мурунку кылымдарда адамдардын кийими” тексти угуп, суроолорго жооп берет. | Сүрөттөө тексти<br>Баяндоо тексти<br>Сүрөттөө-баяндоо тексти<br>Ой жүгүртүү тексти | Ар бир кесип ардактуу.<br>Ырыс алды – ынтымак.<br>Өнөрүң болсо, өргө чап.<br>Өнөрлүү өргө сүйрөйт. |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| Атайын кийимдин тарыхынан<br>Кайсы кесип ээлери атайын кийим кийет?<br>Атайын кийим менен жабдуулар – коопсуздук үчүн маанилүү<br>Заманбап кийимдер тууралуу | **Жөнгө салуучу интенциялар:**<br>Класcсташтарына заманбап кесиптерди тандоону сунуштайт.<br><br>**Баалоочу интенциялар:**<br>Классташына өзү тандаган н кесиптин кийимин мактайт.<br><br>Болочоктогу кесибинин артыкчылыгын түшүндүрөт.<br><br>Кесип тандоодо кайсы сабактарды жакшы окуш керектиги тууралуу өз оюн айтат.<br><br>Мекен сакчыларынын жоопкерчиликтүү эмгегин айтып берет. | Заманбап кийимдер тууралуу белгилүү ырчы менен маекти укканы боюнча сүйлөп берет. Уккан маалыматты талдайт, дискуссияны демилгелейт.<br>**Окуу**: Маалыматты салыштырып окуйт. Талкууга катышат, өз оюн билдирет, окуганы боюнча каршы же макул ойлорду билдирет. Ырды (текстти) көркөм окуйт, суроолорго жооп берет. Сүйлөмдөгү ойду улайт. Ырдын мазмунун талкуулап кластер түзөт. Белгилүү адамдардын интервьюсунан үзүндүлөрдү окуйт. Алардын айткан сөзүн кыскартып 2-3 сүйлөм менен айтып берет. Тексттеги ойго кошуларын же кошулбай турганын билдирет, каршы ой айтууда далилдерди келтирет.<br>Кооптуу кесиптер тууралуу, алардын ичинде шахтёрдун кесиби тууралуу окуйт.<br>**Сүйлөө:**<br>Окуган текстине таянып, мыкты униформа жөнүндө алган маалыматын сүйлөп берет. Кооптуу кесиптер тууралуу сүйлөп берет.<br>Кесиптерге коюлган талаптардын рейтингин түзөт. Белгилүү ырчы, маданият кызматкерлери менен болгон интервьюну окуйт. “Ар ким өз кесибине жараша кийим кийиш керек” деген темада таяныч сөздөр менен талкууга катышат. Джеймс Клоннинин “Жумушчу класс үчүн атайын кийим” сүрөтүнүн жанрын талкуулайт. Сүрөттөгү жумушчуларды татаал сүйлөмдөр менен сүрөттөйт. “Кийим жаратуунун тарыхы сүрөт искусствосунда” маалыматтары менен | | - Сен келечекте ким болгуң келет?<br>- Мен келечекте ... болгум келет.<br>- Эмне үчүн?<br>- Себеби ал кесип ...<br>- .... кандай кийим кийиш керек?<br>- Менин оюмча, ал ..... кийим кийиш керек.<br>Ким эмне ....-ыш керек? Эмне үчүн ... атайын форма кийиш керек? Эгерде ...-са, анда ...<br>-ган+да, ....<br>.... кайда болсо, ошол жерде ... болот.<br>Атайын кийим жумушка жардам берет / тоскоолдук жаратат ;<br>Кийим жарашыктуу болуш керек / расмий болуш керек.<br>Жумушка туура келген атайын кийим пайда келтирет / маанилүү эмес.<br>Өз кийимиңе көңүл буруш керек / бурбаса деле болот.<br>Мектеп окуучулары мектеп формасын кийиш керек / кийбеш керек. Ар ким өз кесибине жараша кийим кийиш керек.<br>биринчиден, ... ыш керек.<br>экинчиден, ... ыш керек.<br>үчүнчүдөн, ... ыш керек.<br>Ар ким өз кесибине жараша кийим кийиш керек, себеби<br>Демек, ар ким өз кесибине жараша кийим кийиш керек, себеби ...<br>Шахтёрдук кесип – ... .<br>Шахтёрлор жер астында иштеп, ... казышат. Көмүр казууга ылайыктуу ... , ... комбинезон же |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | таанышып, кийим жаратуунун этаптарын сүрөттөп айтып берет.<br>Кесиптик кийим тууралуу классташтары менен диалог түзөт.<br>**Жазуу:**<br>Сүйлөмдөрдү текстте туура жазат, логикалык чынжыр менен тизмектейт. Окуган ырдын мазмуну боюнча текстти улантып жазат. Эссе жазат. Ой жүгүртүү текстинин структурасын колдонуп, берилген көйгөй боюнча ой жүгүртүү текстин жазат. | | атайын составы бар кездемеден жасалган отко чыдамдуу коргоочу костюмдар колдонулат. Кээде ал кийимге... тигилип, айдоочулар шахтёрлорду алыстан көрө алышат. Шахтёрлор башына ... кийип, белине ... тагынышат. Курунда ... бар, анда ... салынган. Шахтёрдун бутунда ... же ботинке болот. |
| **4. Кыргызстан**<br>Элдик кол өнөрчүлүктөн<br>Кийиз биздин жашообузда<br>Бешик – кыргыз элинин маанилүү буюму<br>Кыргыздар баалуу буюмун кантип сактаган?<br>Кыргыздар тамак-ашын кантип сактаган?<br>Кыргыздын улуттук оюндары<br>Тогуз коргоол<br>Жаа атуу – байыркы өнөр | **Маалыматтык интенциялар:**<br>Кыргыз элинин улуттук оюндары боюнча билгендерин классташтарына кабарлайт.<br>Кыргыз элинин ат, акыл оюндары боюнча маалымат сурайт.<br>Оюндардын шарттарын тактайт, айтып берет.<br><br>**Жөнгө салуучу интенциялар:**<br>Улуттук кол өнөрчүлүктүн өзгөчөлүктөрүн айта алат.<br>Баалуулуктарды унутпай өркүндөтүүнү сунуштайт.<br>Досуна жайлоодогу тамак-аштарды сунуштайт.<br>**Байланыш түзүүчү интенция:**<br>Кыргыз элинин улуттук кол өнөрчүлүгүнүн буюмдарын азыркы убакта өз жашоосунда колдонууга кеңеш берет. | **Угуу:**<br>Кыргыз элинин баалуулуктары тууралуу тексттерди угат. Укканы боюнча суроолорго жооп жазат.<br>Тогуз коргоолдун чыгып келе жаткан жылдызы Айзада Бактыбекова менен маектен үзүндү угат. Суроолорго жооп берет.<br>**Окуу:**<br>"Боз үй – көчмөндөрдүн үйү" китебинин киришүүсүнөн үзүндү окуйт. Китептин идеясын аныктайт.<br>Сандык, боз үй, кийиз, бешик, чанач, көөкөр, жаа, ж.б. темаларда тексттерди окуйт.<br>**Сүйлөө:**<br>Боз үйдүн түзүлүшүн айтып берет.<br>Анын сырткы көрүнүшүн сүрөттөп берет.<br>Окуган текстине таянып, кыргыз элинин кол өнөрчүлүгү тууралуу айтып берет. Бешиктин жабууларын айтып берет.<br>Чет өлкөлөрдөгү улуттук уюндар тууралуу айтып берет.<br>**Жазуу:** | Сүрөттөгү маалымат менен иштөө<br>Туташ эмес текст<br>Көркөм стилдеги тексттин жанрлары<br>Өз алдынча туташ эмес текст түзүү<br>Сүрөттөөчү эссе<br>Баяндоочу эссе<br>Баяндоочу-сүрөттөөчү эссе<br>Аргументтөөчү эссе | Жерин сүйбөс эл болбойт,<br>Элин сүйбөс эр болбойт.<br>Эгерде жерин сүйсө, анда ... .<br>Элин сүйгөндүктөн, ....<br>Бешик жасала баштаганда биринчи жыгачынан баштап, бала уктаганга чейин ...айтышат,... беришет. Бешикти атка өңөрүп келе жатканда ... бала жабыркабагандай жасалган. Бешик көбүнчө ... жасалган. Бешик ... бөлүнгөн эмес, бирок атайы арнап жасоодо кызга же эркек балага ... менен кооздошкон.<br>Мен текстте ... жөнүндө ... деп жаздым.<br>"Жаа" деген текстте да ... жазылган.<br>Мен текстте ... жазган болчумун.<br>Ал эми "Жаа" деген текстте ... жазылган.<br>Тогуз коргоолдун эрежелери оор, ошондуктан бул оюнду үйрөнүү татаал.<br>Тогуз коргоол ойнош үчүн тренер менен машыгуу керек. |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | **Маалыматтык интенция:**<br>Анын ичинде кийизден жасалган буюмдар, кийизден тигилген кийимдер тууралуу билдирет.<br>Улуттук оюндар жөнүндө маалымат берет.<br>**Баалоочу интенция:**<br>Оюндардын жүрүшүн, ролун баяндайт.<br>Элдин турмушундагы улуттук буюмдардын ролу тууралуу ой жүгүртөт. | Баяндоо, сүрөттөө, ой жүгүртүү тексттерин жаза алат. Сүйлөмдөрдү текстте туура жазат, логикалык чынжыр менен тизмектейт.<br>Кулактандыруу жазат.<br>Жазган тексттеги маалыматты анализдейт.<br>“Кыргыз элинин улуттук баалуулуктары” деген темада эссе жазат.<br>Сөздөрдүн туура түшүндүрмөлөрүн, маанисин түшүндүрүүчү сөздөрдү табат.<br>Кийим дизайнери менен интервьюнун суроолорун жазат. | | Тогуз коргоол боюнча мектептерде атайын ийримдер бар.<br>Мурунку замандан бери келе жаткан оюн.<br>**Көөкөр** – уйдун, төөнүн терисинен ышталып жасалган идиш.<br>**Чанач –** эчкинин туюк сыйрылган терисинен жасалган идиш. Чаначка кымыз, айран, жарма ж. б. суюктуктар сакталат. |
| **5. Ден соолук**<br>Күн сайын зарядка кыл – келбетиң сулуу болот<br>Жеке гигиена эрежелери<br>Эмне жесең, сен – ошосуң<br>Өспүрүмдөрдүн саламаттыгы<br>Окуучулар биринчи жардам көрсөтө алабы? | ***Жөнгө салуучу интенция:***<br>Биринчи жардам көрсөтүү тууралуу билген маалыматын достору менен бөлүшөт.<br>Биринчи жардамда эмне кылуу керек, эмне кылбаш керек экенин айта алат.<br>**Маалыматтык интенция:**<br>Өз ден соолугуна кам көрүү тууралуу башкаларга маалымат берет. Өздүк гигиена жөнүндө айтып берет.<br>**Баалоочу интенция:**<br>Эртең мененки зарядканын пайдалуулугун көрсөтө алат. Өз оюу менен бөлүшөт.<br>**Байланыш түзүүчү интенциялар:**<br>Жеке гигиена тууралуу башкаларга кеңеш берет, каалоо айтат.<br>Эртең мененки зарядка жасоого сунуш берет. | ***Угуу:***<br>“Тазалык – ден соолуктун булагы” деген текстти угуп түшүнөт. Угуп жатып текстти толуктайт. Суроолорго жооп берет. “Окуучулар биринчи жардам көрсөтө алабы?” деген чакан текстти угуп түшүнөт. Укканы боюнча сүйлөйт.<br>***Окуу:***<br>Гигиена эрежелери тууралуу тексттеги негизги маалыматты аныктайт. Текст окуганы боюнча суроолорго жооп берет. Туура тамактануу тууралуу текст окуп, сунушталган кырдаал боюнча ой бөлүшөт.<br>Канды токтотуу тууралуу, ж.б. нускама текстин окуйт. Суроолорго жооп берет.<br>***Жазуу:***<br>Кыргыз элинин “Таза аба жуткуң келсе – эрте тур, таза өмүр сүргүң келсе – эмгек кыл” макалын чечмелеп жазат. Окуучунун дилбаянына пикир жазат. Теңтуштарынын ден соолугун, | Сунуш, кеңеш берүү.<br>Буйрук ыңгай этиштер<br>Каалоо билдирүү. Буйрук ыңгай этиштер<br>Пикир жазуу. Рецензия<br>Изилдөө тексти<br>Нускама тексти | Денеси чыңдын – иши чың.<br>**Эмне кыл?** – зарядка кыл, тыныгуу жаса, убактыңды туура өткөр, эс ал.<br>**Качан?** – эртең менен, күн сайын, эрте<br>**Кайсы?** – эртең мененки, күнүмкү, кечки<br>**Кайда?** – сыртта, үйдө, спорт залда, бөлмөдө<br>Эң кеңири тараган көйгөй – чарчап-чаалыгуу.<br>В витаминдеринин комплекси – адам үчүн күч-кубаттын булактарынын бири. Витамин В жетишпесе, адреналин гормондору начар бөлүнүп чыгат, шалдырайсың. Витамин С, магний, цинк, темир жана Q-10 энзими организмдеги зат алмашууну жакшыртат. |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | Досуна, ата-энесине ден соолугуна кам көрүүгө сунуш берет. Классташтарына пайдалуу азыктар тууралуу кеңештерди берет.<br>Башкалардан кеңеш сурайт.<br>Ден соолукка кам көрүү үчүн керектүү азык-түлүктөрдү санап берет. | психикалык саламаттыгын сурамжылоого суроолорду жазат.<br>Түрдүү нускама тексттерди жазат.<br>"Мен биринчи жардам көрсөтө алам" деген текст түзөт.<br>**Сүйлөө:** Психикалык саламаттык тууралуу тест аткарат, жыйынтыгы боюнча сүйлөп берет. Ден соолук тууралуу башкалар менен сүйлөшөт.<br>Суроо-жооп уюштуруп, аргументтерди келтирет. | | Продукциянын сакталуу мөөнөтү узак, бирок азыктар жасалма. |
| **6. Соода-сатык**<br>Интернет-дүкөнү деген эмне?<br>Балдар эмгеги деген эмне?<br>Эмне үчүн өспүрүмдөр базарда иштешет?<br>Базарда иштеген балдар окуш керекпи? | **Жөнгө салуучу:**<br>Берилген ой менен макул же каршы экенин түшүндүрөт.<br>Кыргызстанда балдар эмгегин жоюу тууралуу сунуштарды берет.<br><br>**Баалоочу интенциялар:**<br>Тапшырык берет, башкаларга үйрөтөт.<br>Базардагы балдардын тагдыры жөнүндө өз оюн айтат.<br>Талкууга катышат, өз оюн далилдейт.<br><br>Интернет-дүкөндөн товарга буюртма берүүнү мактайт.<br>**Жөнгө салуучу:**<br>Өзү менен тең өспүрүмдөргө жардам берүү жолун издейт.<br>Базарда иштеген теңтуш балдар менен сүйлөшүп, келечек тууралуу маектешет.<br><br>**Маалыматтык интенциялар:** | **Угуу:**<br>Соода-сатык тууралуу эки окуучунун диалогун угуп түшүнөт. Уккан тексттеги негизги жана кошумча ойду ажыратат. Текстте эмне жөнүндө сөз болгонун, сөз болбогонун тактайт. Укканын айтып берет. Талдайт, билгени менен салыштырат. Өз тажрыйбасынан мисал келтирет.<br>**Окуу:**<br>Интернет-дүкөнү тууралуу текстти окуйт, текстке ат коёт, окуганы боюнча тест аткарат. Интернет-дүкөнүнөн кантип белек алса болот? деген темада текст окуп, жаңы сөздөрдүн маанисин контекст боюнча чечмелейт, окуганы боюнча суроо түзөт. Окуган текстинин маанисин түшүнүп, тексттин алынган булагын аныктайт. Балдар эмгеги тууралуу текст окуп, кыскача айтып берет.<br>Базарда иштеген балдар менен маектерди окуйт, суроолорго жооп берет. Көйгөй талкуулайт.<br>**Жазуу:**<br>"Базарда соода кылган балдар окуш керекпи?" деген темада эссе жазат. | Сан-өлчөм багыныңкы татаал сүйлөм<br>Орун багыныңкы татаал сүйлөм<br>Максат багыныңкы татаал сүйлөм<br>Сыпат багыныңкы татаал сүйлөм | Соодада достук жок.<br>Базар кайда болсо, ошол жерде (ошерде) соода болот.<br>Ошол өкүлчүлүктөрү аркылуу товарга канча ... берилсе, ошончо ... үйүңүзгө алдыртып алууга болот.<br>Көпчүлүк учурда бул тургундардын жашоосун канчалык ..., убакытты да ошончолук ....<br>Дүйнө жүзү боюнча адамдар онлайн сатып алууну канчалык ..., жакынкы келечекте бардык чекене сатуунун ... электрондук коммерцияга туш келери күтүлүүдө.<br>... кайда болсо, көпчүлүк **ошол жерде** болот.<br>Айжан курстарга барат. Бектур курстарга барганга кызыгат.<br>Айжан кайсы жерге курска барса, Бектур да ошол жерге барганга кызыгат.<br>Айжандын апасы базарда иштейт. Айжан апасына жардам берет. |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | Интернет дүкөнүнөн товар заказ кылуу жана алынган товар тууралуу айтып берет.<br>Башкалардан сурайт, тактайт. | Берилген көйгөй боюнча ой жүгүртөт, сүрөттөргө таянып текст жазат.<br>Иш кагаздарынан тейлөө чөйрөсүндөгү тапшырык берет.<br>“Кыргызстандагы соода-сатыктын келечеги” деген темада аргументтөөчү эссе жазат.<br>**Сүйлөө:**<br>Электрондук соода-сатык тууралуу айтып берет. Сүрөттөргө таянып, диалогго катышат, сүйлөп берет. | | Алар оюнчуктун түрүн сатышат. Балдар үчүн кызыктуунун баары базарда.<br>Базарда кээде сатып түгөтүү учуру болот. Сен бизден бөбөгүң үчүн оюнчук алып кет. |
| **7. Кызыгуулар**<br>Бош убактыбызды кантип өткөрөбүз?<br>Музыка дартка даба боло алабы?<br>Классикалык музыканын таасири<br>Кыргыздын музыкалык аспаптары<br>Спорт менен машыгуу учурунда музыканын пайдасы барбы?<br>Текшерүү иши<br>Жат жазуу | **Маалыматтык интенция:**<br>Музыкалык аспаптар тууралуу сурамжылоо жүргүзөт.<br><br>Уникалдуу талант тууралуу билгендерин айтып берет.<br><br>Башка өлкөлөрдүн музыкалык аспаптарынын аталыштарын сурайт.<br>**Жөнгө салуучу интенция:**<br>Бош убактысын туура колдонуу тууралуу досуна кеңеш берет.<br>Жакын досунун концертке чакырган сунушуна жооп жазат.<br>Адамга жакшы таасир берген музыкаларды сунуш кылат.<br><br>**Баалоочу интенция:**<br>Кыргызстандагы белгилүү адамдар бош убактысын эмнеге корото турганын изилдеп баалайт.<br>Музыканын пайдасын түшүндүрөт. | **Угуу:**<br>«Улуттук музыканын шыпаалык таасири бар» деген текстти угуп түшүнөт. Сөздүктөн “музыкотерапия, классикалык музыка, депрессияга учураган адамдарды айыктырышат, комуз, скрипка” деген сөздөрдүн маанисин табат.<br>**Окуу:**<br>Кыргызстандыктар бош убактысын эмнеге коротот? деген текстти окуп, айтып берет.<br>“Музыка стресстен куткарат” деген темада текст окуп, музыканын пайдалуу жактарын айтып берет.<br>Кыргыз элинин музыкалык аспаптары тууралуу (жетиген, комуз, кыл кыяк, чопо чоор ж.б.) окуйт. Музыкалык аспаптардын аталыштарын колдонот.<br>“Музыканын адамга болгон таасири” тексти боюнча суроо түзөт. Окуган текстиндеги негизги ойду аныктайт. Окуганы боюнча тыянак чыгарат.<br>Моцарт тууралуу текст окуйт, сүрөттөр боюнча талкуулайт. Эпитет, музыкалык медицина терминдерин колдонот.<br>**Жазуу:** | Салыштырма багыныңкы татаал сүйлөм<br>Себеп багыныңкы татаал сүйлөм<br>Карама-каршы багыныңкы татаал сүйлөм<br>Шарттуу багыныңкы татаал сүйлөм<br>Мезгил багыныңкы татаал сүйлөм | Бош убактыңды **канчалык** туура колдонсоң, өзүңө **ошончолук** пайдалуу болот.<br>Эрте менен китеп көп оку**сам,** кечинде сыналгы көрөм.<br>Сыналгы көрүүгө 10 мүнөт кетсе, китеп окууга 20 мүнөт убакыт бөлөм.<br>Стресске кабылган учурда жай ыргактагы музыканы уккан жакшы, … мындай музыка мээнин кан тамырларын жакшы иштетет.<br>Музыка угуп жатканда мээнин кан тамырлары жай …, биз өзүбүздү жакшы сезебиз.<br>Улуттук музыка терең дем алууну шарттайт, … бул музыканы угуу кажет.<br>Бир нерседен улам толкунданган …, дем алуу менен дем чыгаруу батыраак жүрө баштайт.<br>Биз эмоциябызды кармай албаган …, өзүбүздү албуут алып жүрөбүз. Психологиялык жактан чарчаган …, комуз күүсүн угуу пайдалуу. |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | Музыкалык талант тууралуу айтып берет.<br><br>**Байланыш түзүүчү интенция:**<br>Классташтарына пайдалуу музыканы угуу үчүн концертке же театрга чакырат. | Бош убактысын эмнеге коротору тууралуу текст жазат. Музыканын адамга болгон таасири боюнча жазуу иштерин аткарат. Үлгүгө таянып жаккан музыка тууарлуу жазат.<br>**Сүйлөө:**<br>Кыргызстандыктар бош убактысын эмнеге коротот? деген темага сүйлөп берет. Музыканын адамдын организмине таасири тууралуу сүйлөп берет. Өзү кайсы жерде кандай музыка угарын айтып берет. | | Комуздун көлөмү ..., ат үстүндө алып жүрүүгө ыңгайлуу.<br>Комуз өрүктөн ..., мыкты бааланат.<br>... чопо чоор 8 көзөнөктүү болуп ..., бардык ноталарды алууга болот.<br>Жетигендин кылдарынын саны ..., жаңы чыгармаларды жаратууга ыңгайлуу болот. |

**§2. 7-9- класстар боюнча билим берүү натыйжалары жана көрсөткүчтөрү**

| 7-класс | 8-класс | 9-класс |
|---|---|---|
| **1.1.1. Текстти окуганда андагы камтылган негизги жана кошумча маалыматты жетиштүү деңгээлде толук, так түшүнөт.** | | |
| 7.1. Тексттен негизги ойду табат. | 8.1. Тексттеги негизги ойду талкуулайт. | 9.1. Тексттеги негизги жана кошумча ойду ажыратат. |
| 7.2. Окуганы боюнча өз оюн аргументтейт. | 8.2. Башкалардын оюн угуп түшүнөт, толуктайт, тактайт. | 9.2. Тексттеги негизги ойду чечмелейт. |
| 7.3. Негизги жана кошумча маалыматты тактайт. | 8.3. Окуган тексттеги маалыматты интеграциялайт, интерпретациялайт. | 9.3. Окуган маалыматты талдайт, дискуссияны демилгелейт. |
| **1.2.2. Диалогдун негизги мазмунун, анын катышуучуларынын коммуникативдик ниетин угуп түшүнөт.** | | |
| 7.1 Диалогдун катышуучуларынын кебин алар жай, шашпай сүйлөгөн учурда создөрүн, үйлөмдөрүн түшүнөт, кошулат. | 8.1. Диалогдун катышуучуларынын кебин алар жай, шашпай сүйлөгөн учурда түшүнөт, суроолорду берет. | 9.1. Диалогдун катышуучуларынын кебин а түшүнөт, алардын кебин толуктайт, тактайт, баа берет. |
| 7.1. Окуган, уккан текстине таянып, цитата, мисалдарды келтирет. | 8.1. Окуган, уккан текстине таянып, цитата, мисалдарды келтирет. | 9.1. Окуган, уккан текстине таянып, далилдерди келтирет, аргументациялайт. |
| 7.2. Баяндоо текстинин структурасын колдонот. Структура боюнча кандайдыр бир окуяны баяндап жазат. | 8.2. Сүрөттөө текстинин структурасын колдонот, кубулуштарды, көрүнүштөрдү сүрөттөп жазат. | 9.2. Ой жүгүртүү текстинин структурасын туура колдонот. Берилген көйгөй боюнча ой жүгүртөт, текст жазат. |
| **1.3.4. Монолог кепте камтылган маалыматты: теманы, билдирүүнүн ар бир маанилик бөлүгүнүн негизги жана кошумча маалыматын жетиштүү деңгээлдеги толук жана тактык менен угуп түшүнөт.** | | |

| | | |
|---|---|---|
| 7.1. Уккан тексттеги негизги ойду белгилейт. | 8.1. Уккан тексттеги негизги ойду талкуулайт. | 9.1. Уккан тексттеги негизги жана кошумча ойду ажыратат. |
| 7.2. Укканы боюнча өз оюн аргументтейт. | 8.2. Укканы боюнча башкалардын оюн угуп түшүнөт, толуктайт, тактайт, суроо берет. | 9.2. Уккан тексттеги негизги ойду чечмелейт, башкаларга түшүндүрүп берет. |
| 7.3. Уккан текстиндеги негизги жана кошумча маалыматты тактайт, суроо берет. | 8.3. Уккан тексттеги маалыматты интеграциялайт, интерпретациялайт. | 9.3. Уккан маалыматты талдайт, дискуссияны демилгелейт. |
| **2.1.5. Кырдаалдык-тематикалык минимумдун алкагында баарлашуу кырдаалдарында пайда болуучу ниеттенүүлөргө ылайык айтылган сөздү, сүйлөмдөрдү жазууда грамматикалык жана лексикалык көндүмдөрдү колдонот** | | |
| 7.1. Окуган, уккан тексти боюнча суроолорго жаңы<br>лексиканы туура колдонуп жооп берет. | 8.1. Окуп-үйрөнгөн сөздөрдүн сүйлөмдөгү ордун билет, сүйлөмдө грамматикалык эрежелерге ылайык колдонот. | 9.1. Кандайдыр бир көйгөйлөрдү талкуулоодо, чечүүдө грамматикалык жана лексикалык көндүмдөрүн колдонот. |
| **2.2.6. Фонетика, орфоэпия жаатында адабий нормага жана анын варианттарына ээ.** | | |
| 7.1. Сөз ичинде үндүү тыбыштарды окшоштуруп мүчөлөрдү туура улайт. | 8.1. Сөздөрдөгү толук жана толук эмес үндөшүүнү айырмалап кебинде колдонот. | 9.1. Сөз арасында катар келген үндүү тыбыштарды кошуп шар сүйлөйт. |
| 7.2. Уңгу менен мүчөдө же эки сөз арасында ***с,з*** тыбыштары катар келгенде (сө<u>зс</u>үз, ту<u>зс</u>уз, кө<u>з с</u>ал, сө<u>з с</u>үйлө) аларды кошуп туура айтат. | 8.2. ***б*** тыбышын эки үндүүнүн ортосунда (убада, жибек, тийбе, барба, добуш, ж.б.) ***в*** тыбышына айландырып колдонот. | 9.2. Эки сөз арасында үнсүз тыбыштарды алга карай ээрчиштирип (жаз келди – жаз<u>г</u>елди) туура сүйлөйт. |
| 7.3. Диалектилик сөздөрдү маанисине карай орду менен колдонот. | 8.3. Диалектилик сөздөрдү адабий тилдеги сөздөр менен алмаштырып колдонот. | 9.3. Катinduced к тыбышы менен башталган сөздөрдү (кеп, килем, күнөө ж.б.) адабий нормага ылайык жумшартып сүйлөйт. |
| **2.2.7. Лексика жана фразеология жаатында адабий нормага ээ.** | | |
| 7.1. Кептик теманын чегинде туруктуу сөз айкаштарын,<br>фразеологизмдерди билет, туура колдонот. | 8.1. Сөздөрдү маанисин түшүнүү менен колдонуп, сөз айкаштарга айкалыштырат жана<br>сүйлөмдөрдүн курамына кошот. | 9.1. Сөздүктөрдүн түрлөрүн (котормо, түшүндүрмө, синонимдер, антонимдер сөздүгү) өз алдынча колдонот. |
| **2.2.8. Орфографиянын негизги эрежелерин сактайт.** | | |
| 7.1. Уңгу менен мүчөнүн ортосунда кээ бир үнсүз тамгалар жазылышын билет, туура жазат. | 8.1. Кээ бир үнсүз тыбыштардын сөздүн аягында өзгөрүшүн туура жазат. | 9.1. Мүчөлөрдүн кыскарган түрлөрүн туура жазат. |
| 7.2. Созулма үндүүлөр катышкан сөздөрдү сүйлөмдөрдө туура жазат. | 8.2. Мүчө уланганда кээ бир уңгу сөздөрдүн<br>бузулуш учурларын туура жазат. | 9.2. Сүйлөмдөрдү текстте туура жазат, логикалык чынжыр менен тизмектейт. |
| **2.3.9. Сунушталган темага жана коммуникативдик берилген шартка ылайык байланыштуу кепти өз алдынча жаратат.** | | |

| | | |
|---|---|---|
| 7.1. Окуган, уккан текстине таянып, цитата, мисалдарды келтирип өз оюн билдирет. | 8.1. Окуган, уккан текстине таянып, цитата, мисалдарды келтирип, өз оюн эркин билдирет. | 9.1. Окуган, уккан текстине таянып, далилдерди келтирип, аргументациялап сүйлөйт. |
| 7.2. Баяндоо текстинин структурасын колдонуп, кандайдыр бир окуяны баяндап айтып берет | 8.2. Сүрөттөө текстинин структурасын колдонуп, кубулуштарды, көрүнүштөрдү сүрөттөп айтып берет. | 9.2. Ой жүгүртүү текстинин структурасын колдонуп, берилген көйгөй боюнча ой жүгүртүп айтып берет. |
| **3.1.10. Темага жана коммуникативдик шартка ылайык репродуктивдүү жана продуктивдүү мүнөздөгү монологдорду түзөт** | | |
| 7.1. Окуган, уккан текстине таянып, цитата, мисалдарды келтирип сүйлөйт. | 8.1. Окуган, уккан текстине таянып, цитата, мисалдарды келтирип сүйлөйт. | 9.1. Окуган, уккан текстине таянып, далилдерди келтирип, аргументация менен сүйлөйт. |
| 7.2. Баяндоо текстинин структурасы боюнча кандайдыр бир окуяны баяндайт. | 8.2. Сүрөттөө текстинин структурасына ылайык кубулуштарды, көрүнүштөрдү сүрөттөйт. | 9.2. Ой жүгүртүү текстинин структурасына ылайык берилген көйгөй боюнча ой жүгүртөт. |
| **3.1.11. Баарлашуу учурунда кеп адебинин нормаларын сактоо менен түрдүү диалогдорго катышат.** | | |
| 7.1. Берилген кептик теманын чегинде үлгү боюнча диалог түзөт. | 8.1. Берилген кептик теманын чегинде өз алдынча диалог түзөт. | 9.1. Коммуникативдик кырдаалга ылайык сунушталган тема боюнча диалог түзөт. |
| 7.2. Берилген кептик тема боюнча диалогду демилгелейт. | 8.2. Кептик интенцияга ылайык диалогду өзгөртөт. | 9.2. Диалогдун мазмунун жакшыртып, кептин нугун башка темага буруп маектешет. |
| **3.3.12. Кыргыз элинин жана башка элдердин турмушунун жана маданиятынын улуттук өзгөчөлүктөрүн, гендердик теңчиликтин, социалдык инклюзиянын жана басмырлабоонун принциптерин билет.** | | |
| 7.1. Кыргыз элинин турмуштук өзгөчөлүктөрү жөнүндө айтып жана жазып берет, башка элдердин турмушу менен салыштырат. | 8.1. Кыргыз элинин тарыхы жөнүндө айтып жана жазып берет, башка элдердин тарыхы менен салыштырат. | 9.1. Кыргыз элинин маданий баалуулуктары жөнүндө айтып жана жазып берет, башка элдердин маданияты менен салыштырат. |
| 7.2. Уй-бүлөдө гендерлик теңчилик тууралуу өз оюн билдирет, ата-эне менен балдардын милдеттери тууралуу айтып, жазып берет. | 8.2. Социалдык инклюзиянын принциптерине ылайык, башкалардын аракеттерине баа берет. | 9.2. Социалдык басмырлабоонун принциптерине ылайык, теңтуштарына, айланасындагы адамдарга аяр мамиле тууралуу түшүндүрөт. |
| **3.3.13. Коомдо калыптанган социалдык жана илимий чөйрөлөрдөгү жүрүм-турум нормаларына ылайык баарлашууга катышуучулардын социалдык ролдорун өзүнө карата колдонот.** | | |
| 7.1. Сунушталган окуу кырдаалындагы ролдорго ылайык кепке кошулат жана диалог курат. | 8.1. Сунушталган окуу кырдаалындагы ролдорго ылайык кепке кошулат жана диалог курат. | 9.1. Баарлашуу нормаларын билет жана аларды социалдык жана илимий чөйрөнүн талаптарына ылайык колдонот. |
| 7.2. Кыргызстандын акынжазуучуларынын өмүр баяны тууралуу негизги маалыматтарды башка окуучулардан сурайт. | 8.2. Жазуучунун, акындын өмүр баяны жөнүндө маалыматтарды өз алдынча табат. | 9.2. Окуу-эмгек чөйрөсүндө кеп куруу жана сүйлөө көндүмдөрүнө, жарандык идентүүлүк түшүнүгүнө ээ. |

# III. КЫРГЫЗ ТИЛИН ЭКИНЧИ ТИЛ КАТАРЫ ОКУТУУНУН ПРИНЦИПТЕРИ, МЕТОДДОРУ ЖАНА ФОРМАЛАРЫ

## §1. Кыргыз тилин экинчи тил катары окутууда жетекчиликке алынуучу дидактикалык жана методикалык принциптер

Кыргыз тилин экинчи тил катары окутууда жетекчиликке алуудагы негизги дидактикалык жана методикалык принциптери алгач, окуу кырдаалдары чыныгы жашоодогудай долбоорлоо менен окуучулардын чечим кабыл алуу, турмуштук кырдаалда алган билимдерин колдонуу, күнүмдүк маселелерди чечүү, өз алдынча билим алуу жана ар түрдүү жаңылыктарды талдап, ыңгайлашуу жөндөмдүүлүгүн өнүктүрүүгө багытталган жалпы мектептик билим берүүнүн милдети болууда. Ал негизги 4 (таанып-билүүчүлүк-ишмердүүлүк, Социалдык-коммуникативдик, Эмоционалдык-инсандык, Маалыматтык-санариптик) жана 3 предметтик (Кептик, Тилдик, Социомаданий) компетенттүүлүктөрдүн бардык аспектилерин камтыган, билимдерди, көндүмдөрдү жана мамилелерди калыптандыруу – мектептик билим берүүнүн актуалдуу маселелеринен болууда.

Негизги жана предметтик компетенттүүлүктөрдүн калыптанышынын үч деңгээли: 1) репродуктивдик деңгээл окуучулардын берилген үлгүнү (ар кандай иш аракеттин алгоритмин) аткара билүүлөрү менен мүнөздөлөт; 2) продуктивдик деңгээл жөнөкөй иш-аракеттерди жүзөгө ашыруу алгоритмин колдонуу менен жаңы кырдаалдагы иш-аракетти аткаруу жөндөмдүүлүгүн билдирет; 3) креативдик чыармачылык деңгээл өз алдынча конструкциялоо жана негиздөө элементтерин пайдаланып, татаал иш-аракеттерди ишке ашыруу жөндөмдүүлүгү.

Жалпы билим берүүнүн Мамлекеттик билим берүү стандарты билим берүү чөйрөсүндөгү мамлекеттик саясаттын принциптерине, дидактика принциптерине негизделет. Уланмалуулук принцибине негизделип, үзгүлтүксүз билим берүүнүн бардык деңгээлдеринде билим берүү процессинин бүтүндүгүн жана анын ыраатуулугун камсыз кылуу менен мектепке чейинки билим берүү этабында өнүгө баштаган калыптандырууну улантууга багытталган. Окутуунун ар бир баскычында куравктык жана жеке өзгөчөлүктөрүнө ылайык негизги жана предметтик компетенттүүлүктөргө ээ болушат.

Мындай билим берүү чөйрөсүндө, эң алгач, теманы ачууда окуучунун позициясында, SMART[1] критерийлерге негизделип, *билим берүүчүлүк*, *өнүктүрүүчүлүк, тарбиялоочулук* сабактын *максаттары аркылуу* компетенттүүлүктөрдү ишке ашырууну пландоодон башталат. Максат когнитивдик-таанып билүүчүлүк, эмоциялык-баалуулук (аффективдик) жана психомотордук жактарда жетишүүчү окутуп-үйрөтүүнүн утурумдук жана түпкү натыйжалары. Сабактын максаты бир сабакта жүзөгө ашырылгандай, көрсөткүчтөрү жана кайсы компетенттүүлүктөрдүн элементтери колдонулганы тууралуу жазылып, пландалган окуучунун окуп-үйрөнүү мүмкүнчүлүгүнө карай аныкталган процесс.

Окуучунун позициясындагы максаттарды пландоо үчүн төмөнкү суроолорду берүү “Окуучулар (эмне, кандай иш-арактерди аткарышат? Эмне кылышат?).. кандай маалымат алышат, (билишет, түшүнүшөт, ж.б.у.с Б. Блумдун таксономиясынан активдүү этиштерди денгээлдер боюнча колдонуу) аркылуу түзүлөт.

**Сабактын максатын пландоонун негизги дидактикалык, методикалык принциптери:**

1. Сабактын максаты бир сүйлөмдөн турган конкреттүү болуш керек.
   Анткени, окуучулар бир эле учурда бир нече сүйлөмдөрдөн коюлган көп максаттарга туш болбошу керек. Көп сүйлөмдөрдөн түзүлгөн, көп максаттардын кайсыны, эмнени аткаруу, кайсы натыйжага жетишүү, керектигинен алаксытат.
2. **2.** Максат түшүнүктүү, кыска фразалар менен түзүлөт

[1] SMART (Specific – *аныk,* (конкреттүү), Measurable - *өлчөнүүчү*, Achievable – *мүмкүнчүлүгүнө ылайык-жетишкидей,* Realistic – *маанилүү-реалдуу чындык* ,Time-bound - *мөөнөтү так аныкталган* деген англисче кыскартылган сөздөрдүн баш тамгалары)

3. Максат SMART критерийлерине (ачык-айкын жана түшүнүктүү; негиздүү, окуучулар үчүн пайдалуу (алардын муктаждыктарына туура келген); жүзөгө ашырыла турган; өлчөөгө ылайыктуу болушу керек) негизделет
4. Максат Б.Блумдун таксономиясындагы этиштерди колдонуп,(репродуктивдүү, продуктивдүү, креативдүү) 3 деңгээлдерде түзүлөт

**Мугалим:**

1. Сабактын башталышында өтүлүүчү тема аныкталып, сабактын максатын пландоодо күтүлүүчү натыйжаларды окуучуларга угуза айтылып, окуучуларга белгилүү болушу; кайсы иш-аракеттер мерчемделгенин аныктап, мугалим тарабынан угуза айтылып, талкуулап алуу керек.
2. Окуучуларга сабактын бул тема боюнча эмнени билгиси келгенин өзүлөрү аныктоого, өз алдынча максат коюуга, кошумчалоого мүмкүнчүлүк берүү;
3. Окуучулардын сабактын максаттарынан күтүлүүчү натыйжаны түшүнгөндүгүн же түшүнбөгөнүн кайталап текшериши керек – бул үчүн бир нече окуучудан кайра сураңыз.
4. Сабактын жыйынтыгын чыгарууда сабактын башталышында пландалган максаттарына кайрылып, көрсөткүчтөрдү-(индикаторлорду, далилдерди, мисалдарды) кайталап эске салыңыз.
5. Максаттарга жеткен-жетпегениндигинин деңгээлин текшерүү үчүн натыйжалардын көрсөткүчтөрүн окуучулар менен талкуулап, аныктаңыз.
6. Эгерде кайсы бир көрсөткүчтөргө толук жетпей калганы билиинсе, кошумча тапшырма берип же кийинки сабакта кайталоо керек

Компетенттүүлүккө негизделген күнүмдүк сабактын максаты: Б.Блумдун таксономиясы боюнча жөнөкөйдөн татаалга баскычтар, деңгээлдер менен этиштин аныкталган түрү (чагы, жагы, саны анык) *«билишет», «түшүнөт», «качан?”, “ кантип?”, “ кырдаалга жараша колдоно алат», «талдайт», «өз ара айырмалайт”, “окшоштуктарын табат” “салыштырат», «топтойт», «түзөт» “системалаштырат», “байланыштырат”«(гипотеза)-божомолдойт», «пландаштырат», «баалайт»…* колдонулат.

Сабактын билим берүүчүлүк максаты: *«окуучулар кайсы билимдерди, жаңы маалыматтарды өздөштүрөт?»* деген суроолорго жооп бериши керек.

**1.** Өнүктүрүүчүлүк максаты: «*Кайсы компетенттүүлүктөр калыптанат?», “Өздөштүргөн билимдерин турмуштук кырдаалда, өз практикалык тажрыйбасында колдоно алабы?”* - деген сыяктуу суроолорго жооп бериши керек.

**2.** Тарбиялоочулук максаты: «Окуучулар темадагы, тексттеги маалыматтардан кандай тарбия алышат, үй-бүлөгө, коомго, мекенине *келечекке кандай салым кошот?»* “оң, терс жактары жана эмне үчүн пайдалуу, пайдасыз, кооптуу, коопсуз,” – деген сыяктуу суроолорго жооп бериши керек.

КР билим берүү системасындагы мамлекеттик, мыйзамдык, ченемдик-укуктук, стратегиялык мааниси бар документтерге жана SMART критерийлерине, компетенттүүлүктөргө негизделген сабактын максаты. күтүлүүчү натыйжалардын көрсөткүчтөрү аныкталган окуучунун позициясындагы сабактын болжолдуу моделинин үлгүсү

**Сабактын темасы: Кесиптик лексика**

| **Максаттары:** | **Коюлган максаттан күтүлүүчү натыйжалардын 2-3төн кем эмес көрсөткүчтөрү (ишке ашкандардын далили, байкалышы) (индикатору)** |
|---|---|
| **1.Билим берүүчүлүк:** Окуучулар кесптик лексика тууралуу | Эгерде окуучулар:<br>• Кесиптик сөздөрдү көнүгүүлөрдөн, тексттерден, чыгармалардан таба алышса; |

| | |
|---|---|
| маалыматты ***билишет.*** | • Сунушталган сөздөргө сөз жасоочу –чы мүчөсүн үндөштүк мыйзамга карта улай алышса;<br>• Кесиптик сөздөрдүн маанисине карай мисалдарды келтире алышса: |
| **2.Өнүктүрүүчүлүк:** Кесиптик сөздөрдүн маанисине жараша айырмалап ***түшүнүшөт*** | • Сөз жасоочу – чы мүчөсү улангандан кийин сөздүн маанисинин өзгөрүшүн айтып бере алышса;<br>• Ар бир кесиптин эмне үчүн керектигин, өзгөчөлүктөрүн, айырмачылыгын салыштырып, мисалдардан, көнүгүүлөрдөн бөлүп көрсөтүп, өз ойлорун айтып, талкуулашса;<br>• Сүйлөө кебинде жана жазуу ишинде керегине жараша кесиптик сөздөрдү пайдаланышса; |
| **3.Тарбиялоочуук:** Ар бир кесиптин маанилүүлүгүн, ардактуулугун чечмелешет, түрдүү кырдаалдагы оң жана терс көрүнүштөрдү ***талдап, ага баа беришет.*** | • Макалдардан жана турмуштук кырдаалда кездешкен окуялардан, ар бир кесиптин зарыл керектиги тууралуу мисалдарды келтире алышса;<br>• Эгерде ал кесиптин ээлери жок болсо эмне болорунун кесепетин, себептерин, натыйжаларын оң жана терс маанисине өз оюн айта алышса;<br>• Натыйжада келечекте өзү кайсы кесипти эмне үчүн тандары тууралуу өз оюн, сын көз карашын айтып бере алышса |

**Сабактын жүрүшү:**

| Сабактын этаптары | Убак-тысы | Мугалимдин иш-аракети | Окуучунун иш-аракети | НК, ПК | Калыптанды-руучу баалоо техникалары |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | |

**Эскертүү:** Окуучунун иш-аракетинен, аткарган тапшырмаларынан, топтук иштеринен кайсы "НК-негизги", "ПК- предметтик" компетенттүүлүктөрдүн элементтери аткарылгандыгы белгиленет.

**Тапшырмалардын түрлөрү**.

Мугалимдердин окуучуларга берүүчү тапшырмаларын төмөнкүдөй категорияларга бөлүүгө болот:

Багыттоочу, биргелешип аткарылуучу, өз алдынча аткарылуучу тапшырмалар.

**Заманбап методдор**

Метод – бул ишмердүүлүк, бул чыгармачылык. Ошол чыгармачылык аркылуу бул же тигил методго ар бир доордо, ар бир мугалим тарабынан жаңы нерселер кошулуп турат.

Метод «коюлган максатка ылайык келүүчү натыйжага жетишүүнү камсыз кылуучу адамдын аң-сезимдүү, белгилүү ырааттыкта аткарган иш-аракеттеринин системасы» болуп, ал: а) максаттын коюлушун; б) адамдын ишмердүүлүгүн (аракеттеринин системасын); в) зарыл болгон (интеллектуалдык, практикалык, предметтик) каражаттарды; г) обьектинин өзгөрүү процессин (обьектин максатка багытталган кыймылынын механимзми); д) максатка жетүүнү камтыйт».

Педагогиканын тарыхында окутуудагы методдорду классификациялоо тууралуу эмгектер өтө көп, ошолордун бири азыркы дидактикада алардын сабакта колдонулушун жалпылап, үч топко – пассивдүү, активдүү, интерактивдүү топторго бөлүштүрүп карайт.

## 5E модели деген эмне?

Сабактын 5E модели – бул сабакты уюштуруунун конструктивдик ыкмасы, бул моделде окуучулар өз алдынча билимди изилдеп, түшүнүктөрүн калыптандырууга мүмкүнчүлүк алышат. Бул моделди BSCS( Biological Sciences Curriculum Stady) изилдөө уюму иштеп чыккан.

Бул модель өзгөчө жаратылыш таануу, математика жана STEM сабактары үчүн натыйжалуу, бирок, кийин бардык предметтерге колдонула баштады. Мисалы; Адабий окуу, кыргыз тили, кыргыз адабияты, орус тили сабактарында колдонула баштады. Ал беш негизги баскычтан турат:

**1. Кызыктыруу** (Engage) – бул этапта мугалим окуучулардын көңүлүн жаң темага буруп, кызыгуусун ойготот. Окуучулар мурунку билимдерин эске салып, жаңы маалымат менен байланыштыруу мүмкүнчүлүгүн алышат. Мисалы: видеоролик көрсөтөт же реалдуу жашоодон мисал келтирип, кызыктыруучу суроо берет

**2. Изилдөө** (Explore) – бул этапта окуучулар жигердүү катышып, өз алдынча же топто практикалык иш алып барып, маселени чечүү жолдорун издешет. Мугалим бул жерде жетекчи катары иштейт, бирок, түз түшүндүрмө берип чечмелеп бербейт. Мисалы: Окуучулар тажрыйба жүргүзүшөт, маалыматтарды изилдеп, алар боюнча гипотезаларды-божомолдоолорду иштеп чыгышат

**3. Түшүндүрүү** (Explain) – бул этапта окуучулар изилдөөнүн негизинде өз ойлорун, далилдерин, аныктамаларын айтууга аракет кылышат. Ал эми мугалим негизги түшүнүктөрдү баяндап, теманы системалуу түрдө багыттап, түшүндүрүп берет.

**4. Тереңдетүү** (Elaborate) бул этапта окуучулар алган билимдерин жаңы кырдаалда колдонуп, көндүмдөрүн өркүндөтүшөт. Мисалы: Окуучулар алган билимдерин жаңы мисалдар менен колдонууну үйрөнүшөт же практикалык тапшырмаларды аткарышат.

**5. Баалоо** (Evaluate) – бул этапта мугалим жана окуучулар билимдерди жана көндүмдөрдү баалашат. Бул тест, презентация, долбоо же талкуу түрүндө болушу мүмкүн. Мисалы: окуучулар рефлексия жүргүзүшөт, тест тапшырышат же чыгармачыл тапшырма аткарышат

**5E моделинин артыкчылыктары**

- ✓ Окуучулардын активдүү катышуусун камсыздайт.
- ✓ Изилдөөчү ой жүгүртүүнү өнүктүрөт
- ✓ Окуучулардын мурунку билимин жаңы маалымаи менен байланыштырат
- ✓ Сабакты практикалык ыкма менен үйрөнүүгө жардам берет

## §2. Кыргыз тилин сабактарынын типтери жана аны уюштуруу жолдору

**4К көндүмүн (4C Skills)** – бул 21 кылымдагы билим берүү жана жумуш дүйнөсүндө ийгиликке жетүү үчүн керектүү негизги жөндөмдөрүн сабакты уюштурууда колдонууга болот. Окуучуга ар кандай чөйрөдө ийгиликтүү иштөөгө жардам берген төрт негизги көндүмдөрдүн тутуму (чыгармачылык, сынчыл ой жүгүртүү, кызматташуу жана коммуникация).

**1. Критикалык-сынчыл ой жүгүртүү(**Critical Thinking) – маалыматтардын агымын туура тандай алат, себеп- натыйжа байланыштарын көрө алат, керексиздерин алып салып, жыйынтык жасай алат. Маалыматтарды анализдөө, далилдерди баалоо, маселелерди логикалык жол менен чечүү жөндөмү.

**2. Креативдүүлүк (**Creativity- **чыгармачылык)** – кырдаалды ар тараптан баалоо, адаттан тышкаркы чечимдерди кабыл алуу жана өзгөрүлүп жаткан жагдайларда өзүн ишенимдүү сезүү. Жаңы идеяларды ойлоп табуу, көйгөйлөрдү чыгармачылык менен чечүү, инновацияларды ишке ашыруу жөндөмү

**3. Коммуникация** (Communication) **-** карым-катыш, баарлашуу, маалымат алмашуу, сүйлөшүүлөрдү жүргүзүү, байланыш түзүү, маектешти угуу жана өз көз карашыңызды

жеткире билүү. Ой-пикирин так жана натыйжалуу билдирүү, башкалар менен натыйжалуу сүйлөшүү жана маалымат алмашуу жөндөмү.

**4. Кооперация** (Collaboration-кызматташуу) – башка адамдар менен натыйжалуу өз ара аракеттенүү, ар кандай командаларда иштөө, жалпы максатты жана ага жетүү жолдорун аныктоо, ролдорду бөлүштүрүү жана натыйжаны баалоо. Командада иштөө, башкалар менен кызматташуу, биргелешкен иштин натыйжалуулугун жогорулатуу жөндөмү

## §3. Сабактардын типтери жана алардын структуралары

Азыркы илимде сабактарды типтештирүү боюнча бирдиктүү көз караш жок. Көптөгөн көз караштардын ичинен **Б.Есипов** тарабынан сунуш кылынган, сабактарды конкретүү максатына жана окутуу процессиндеги ордуна карай төмөндөгүдөй типтерге бөлүштүрүлөт:

1. Жаңы билимдерди өздөштүрүү сабагы
2. Билимдерди колдонуу жана билгичтик кңндүмдөрдү калыптандыруу сабагы
3. Билимдерди кайталоо, жалпылоо, системалаштыруу сабагы
4. Билим, билгичтик жана көндүмдөрдү өлчөө (текшерүү, көзөмөл) жана баалоо сабагы
5. Аралаш (комбинцияланган) сабагы

**Таблица 3.Сабактардын типтери жана алардын структуралары**

| ***Жаңы билимдерди өздөштүрүү сабагы*** | ***Билимдерди колдонуу жана билгичтик көндүмдөрдү калыптандыруу сабагы*** | ***Билимдерди кайталоо, жалпылоо, системалаштыруу сабагы*** | ***Билим, билгичтик жана көндүмдөрдү өлчөө (текшерүү, көзөмөл) жана баалоо сабагы*** | ***Аралаш (комбинциялаган) сабагы*** |
|---|---|---|---|---|
| Үй тапшырмасын текшерүү, таяныч билимдерди кайталап калыбына келтирүү | Окуучуларды сабакка багыттоо | Сабактын темасын, максат, милдеттерин билдирүү, окуучуларды активдүү иш аракетке багыттоо | Сабактын темасын, максат, милдеттерин билдирүү, тапшырмаларды аткаруу, натыйжаларды кандайча жазып жасалгалоонун эрежелерин түшүндүрүү | Сабакты уюштуруу |
| Сабактын темасын, максатын, милдеттерин билдирүү, окуучуларды окуу ишмердүүлүгүнө | Өтүлгөн материал боюнча кыскача фронталдык жана жекече суроо-жооп иштерин жүргүзүү | Таяныч билимдерди эске түшүрүү жана коррекциялоо | Билимдерди, билгичтиктерди, көндүмдөрдү ар түрдүү методдордун жардамы менен (фронталдык | Өтүлгөн материалдарды кайталоо иштери |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| шыктандырып даярдоо | | | аңгеме, жекече сурамжылоо, жазуу жүзүндө суроо, өз алдынча практикалык тапшырмаларды аткаруу, тест өткөрүү) өлчөө | |
| Жаңы материалды биринчи жолу кабылдап, баамдоо, обүектилерди себеп-натыйжа байланыштарды жана карым-катнаштарды аңдап түшүнүү | Практикалык билгичтик жана көндүмдөрдү өнүктүрүү жана калыптандырууга багытталган түрдүү көнүгүүлөрдү аткаруу | Түшүнүктөрдү кайталоо, жалпылоо жана системалаштыруу, билимдердин белгилүү системасын, түйүндүү идеяларды, теорияларды өздөштүрүү | Аткарылган тапшырмаларды талдоо жана баалоо | Жаңы окуу материалын түшүндүрүү |
| Билимдерди жалпылоо жана системалаштыруу | Аткарылган тапшырмаларды текшерүү | Сабакты жыйынтыктоо жана үйгө тапшырма берүү | | Жаңы өтүлгөн материалды бышыктоо |
| Билимдерди бышыктоо жана аларды биринчи жолу колдонуу | Сабакты жыйынтыктоо жана баалоо | | | Билимдерди практикада колдонуу жана билгичтик, көндүмдөргө ээ болуу |
| Сабактын жыйынтыгын чыгаруу жана үйгө тапшырма берүү | | | | Үйгө тапшырма берүү |

## IV. БААЛОО

Баалоо, баа, баа коюу: аныктамаларды тактап алуу зарыл

**БААЛОО** - окуучулардын окуу жана таанып-билүү иштерине байкоо жүргүзүү процесси, ошондой эле билим берүүнүн сапатын жакшыртуу максатында окуучу жөнүндө маалыматтарды баяндоо, жыйноо, каттоо жана түшүндүрүү.

**БАА БЕРҮҮ–** бул баалоо боюнча процесс, иш же иш-аракет, кайра байланыштын сапаттуу маалыматы.

**БАА –** бул баалоо процессинин натыйжасы, баанын сандык туюнтулушу.

**Баа-белги** – бул символ, окуучулардын окуу жетишкендик-терин цифралар, тамгалар же башкача түрдө формалдуу-шарттуу, сан менен чагылдыруу.

**Окуучулар окуу ишмердигинин процессинде сапаттуу натыйжаларга жетишүүсү үчүн заманбап баалоо төмөндөгүдөй болушу керек:**

Билим берүү процессинин бардык катышуучуларына түшүнүктүү;

Ийкемдүү;

Ченеп-өлчөөчү, көп каражаттуу;

Психологиялык жактан ыңгайлуу;

Көп курамдуу.

Окуучулардын окуу жетишкендиктерин натыйжалуу баалоо максатында мугалим баалоонун ар түрдүү каражаттарын (диагностикалык, формативдик жана суммативдик баалоо) билгичтик менен пайдаланышы керек.

**Баалоонун себептери**

- ✓ Ченемдик талап
- ✓ Ата-энелер алдында отчет
- ✓ Билим берүү министрлигине окуучулардын жетишкендиктери жөнүндө берилмелерди даярдоо
- ✓ Окуучулар өзү өз деңгээлин баалай алышы үчүн
- ✓ Үйрөнүп-билүү процесси жүрүп жатканына ынануу үчүн
- ✓ Кийинки кадамды аныктоо үчүн (тандоо укугу нуз бар деп божомолдогондо)
- ✓ Жекече муктаждыктырыңызды аныктоо үчүн – дагы эмнени үйрөнүш керек
- ✓ Окутуунун максаттары орундалып жатабы?
- ✓ Мектептин ичиндеги тенденцияларды аныктоо үчүн
- ✓ Окуучулардын жетишкендиктерин бири-бири менен же Мамлекеттик жана предметтик стандарттардын талаптарынын аткарылышы менен салыштыруу үчүн

## §1. Баалоонун критерийлери

**Критерийлер жана градациялар**

**Критерий** – бул белги, анын негизинде бир нерсеге баа берүү, аныктама берүү, же классификациялоо. Критерий – бул баа берүүнүн чен өлчөмү.

Тапшырма: Критерийлердин мисалдарынын тизмесинен бир критерий тандап алып, ага деңгээлдерге бөлүүнү иштеп чыгуунун таблицасы.

| **Критерийлер** | **Деңгээлдерге(градацияларга) бөлүү** | | | |
|---|---|---|---|---|
| | **Баа - 5** | **Баа - 4** | **Баа - 3** | **Баа – 2/1** |
| | | | | |

**Критерийлерди деңгээлдерге бөлүү – бул күтүлүүчү жыйынтыктын ар түрдүү деңгээлин аныктоо.**

**Натыйжалуу баалоонун критерийлери**

SMART - критерийлери

а. Алар критерийлерге негизделүүгө тийиш

б. Алар окуп үйрөнүүчүлөр үчүн пайдалуу болушу керек

в. Алар ишенимдүү болууга тийиш

г. Алар окуучуларга белгилүү болушу керек
д. Алар жарамдуу (валиддүү) болушу керек
е. Алар ишке ашкыдай болушу керек
ж. Алар кайрадан текшерилгендей болууга тийиш.

Баага таасир этүүчү жагдайлардын так белгиленген тизмеси биздин колубузда болууга тийиш. Мисалы, эгер окуучулардын сөзмөрлүк жөндөмүн баалагыбыз келсе, баанын 25 %ын сөздүн грамматикалык жактан тууралыгы, 25 %ын – теманы ачып бергендиги, 25 %ын – туура айтуу, дагы 25 %ын – угуучулардын кызыгуусун басаңдатпай өзүнө тарта билүү жөндөмү түзөт. Жыйынтык баа ушул төрт бөлүк боюнча бааларды кошуу жолу менен чыгарылат.

Бул биз окуучуларды кайсы критерийлер боюнча баалай тургандыгыбызды аларга айтабыз дегенди билдирет.

**“Жазуу жүзүндөгү кайтарым байланыш”**

*Тапшырма:* **Ишти текшергиле жана баалагыла**

**Баалоо критерийлери:**

1. Эссе 3 бөлүмдөн турушу керек – киришүү, негизги бөлүк, корутунду.
2. Негизги бөлүк “Мааламаттык сабаттуулук” темасын ачып берүүгө тийиш.
3. Корутунду: Сиздин темага карата мамилеңиз.

1. Грамматикалык каталар жазуу иштерин баалоонун стандарттуу нормаларына ылайык.

Иш эки көрсөткүч боюнча бааланат:

1- алгачкы 3 критерийге ылайык,

2- грамматика боюнча баалоо нормаларына ылайык.

**Кайтарым байланыш ыкмалары**

Топтордо дил баянды текшерүүдөн улам берилген кайтарым байланыштын түрлөрүн карап чыгып, алардын окуучулар үчүн пайдалуулугун аныктагыла

**Б.Блумдун таксономиясын окуучулардын жетишкендиктерин баалоодо колдонуу методологиясы**

| **Ой жүгүртүүнүн жөндөмдөрү** | **Аныктамасы** | **Окуучу эмне кылат?** | **Суроо-тапшырмалар-дын үлгүсү** |
|---|---|---|---|
| **1.Билим** Эске тутуу (формалдык деңгээл). Таанып-билүү жана маалыматты чогултуу | Атайын, өзгөчө-лөнгөн (специ-фикалык) маалы-матты эске тутуу | Көңүл бурат, кабыл алат, эс-тейт, тааныйт. | Канчанчы жылы болгонун айтыныз, формуланы жазыңыз |
| **2. Түшүнүү** Которуу жана интерпретация (өзүнүн түшүнүгү). Маалыматты жаңы формалар-га которуу жана идеялар, фактылар жана баалуулуктар ортосундагы өз ара байланыштарды аныктоо | Башка материал-дарга карабас-тан берилген материалдарды түшүнүү | Түшүндүрөт, которот, көргө-зөт, интерпре-тация жасайт (өз түшүнүгүн айтып берет) | Сүйлөмдү толукта-гыла… Байланышын түшүн-дүргүлө… Өзүңөрдүн сөзүңөр менен айткыла… |
| **3. Колдонуу** Суроолорду окшоштуктары менен топтоо, проблемаларды чечүү, корутун-дулоо | Жаңы жагдай-ларда усулдарды, концепцияларды, принциптерди жана | Жаңы проблема-ларды чечет, билимдерди колдонууну | Колдонгондун максатын түшүндү-рүп бергиле… Колдонулгандар |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | теория-ларды колдонуу | демонстрациялайт (көргөзөт, конструкциялайт) | кайсы теорияга негизделген, кайсы теорияны көрсөтө алат… |
| **4. Талдоо**<br>Жалпы түшүнүү жана ой-жүгүр-түү процессин түшүнүп билүү үчүн бөлүкчө-лөрдү карап чыгуу | Маалыматты куралган элементтерге бөлүү | Ойлонот, ачат, санап чыгат, ой жүгүртөт, салыштырат. | Структурасы кандай…<br>Классификация-лагыла…<br>Салыштыргыла…<br>Талдагыла… |
| **5. Синтездөө**<br>Уникалдуу (кайталангыс) жана ориганал-дуу (өзгөчөлөн-гөн) формада тү-зүү, жаңы сце-нарийлерди, шарттарды, жыйынтыктарды түзүү | Өзүнчө бөлүкчө-лөрдөн бир бү-түндү түзүү, чогултуу | Комбинация жасайт, курат, ойлоп табат, иштейт | Чечим тапкыла…<br>Алгоритм сунуш-тагыла…<br>Альтернатива тапкыла…<br>Системага келтиргиле… |
| **6. Баалоо.** Салыштырмалуу баалоо. Баалуулуктун түшүнүүгө жана ой-жүгүртүүнүн түзүлүшүнө болгон таасири | Максаттар, стандарттар жана критерий-лер берилген шартта мате-риалдардын баалуулугун жана усулдарды аныктоо | Баа берет, талкуулайт. | Логиканы баалагыла…<br>Критерийлерди бөлүп чыккыла…канчалык деңгээлде туура… |